Кыргыз Республикасынын
Башкы прокуратурасы

КР Башкы прокуратурасынын
прокурордук-тергөөчү кызматкерлерди
кесиптик даярдоо борбору

# Жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттун чечимдерин аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланышкан мажбурлоо мүнөзүндөгү чараларды колдонууда мыйзамдардын сакталышына прокурордук көзөмөл

**КОЛДОНМО**

**Бишкек 2020**

Кыргыз Республикасынын
Башкы прокуратурасы

КР Башкы прокуратурасынын
прокурордук-тергөөчү кызматкерлерди
кесиптик даярдоо борбору

*Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын жазык жана жарандык сот өндүрүшү башкармалыгы тарабынан жактырылды.*

Авторлор:

***А.Ш. Шукурбеков,*** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын уюштуруу иштерин камсыздоо жана ченемдик укуктук актыларды экспертизалоо башкармалыгынын улук прокурору.

***М.У. Сыдыгалиев,*** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын прокурордук-тергөөчү кызматкерлерди кесиптик даярдоо борборунун улук прокурору.

Бул колдонмо Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын прокурордук-тергөөчү кызматкерлерди кесиптик даярдоо борборунун директору, юридика илимдеринин кандидаты ***А.Б.Молдобаевдин,*** “Альянс молодежи” Коомдук фондунун катышуусунда, Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнүн каржылык колдоосуу менен БУУӨПнын «Кыргызстанда жазык сот адилеттиги тармагын мыйзамдын үстөмдүгү жана эл аралык стандарттарга ылайык реформалоону колдоо» долбоорунун алкагында даярдалган.

Бул колдонмонун мазмуну сөзсүз эле АКШ Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасындагы БУУӨПтүн көз карашын же позициясын чагылдырбайт.

**МАЗМУНУ**


ЧЕНЕМДИК УКУКТУК БАЗА . . . . . . . 3

АТАЙЫН АДАБИЯТТАР . . . . . . . . . 3

КОЛДОНМОНУН МАКСАТЫ. . . . . . . . . 4

КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР . . . . . . . . 4

КИРИШҮҮ. . . . . . . . . . . . 5

1 . ӨКҮМДҮ АТКАРУУ . . . . . . . . 9

2 . ӨКҮМДӨРДҮ АТКАРУУГА БАЙЛАНЫШКАН МАСЕЛЕЛЕРДИ СОТТУК КАРОО . . . . . . . . . . 12

3. ЖАЗЫК ИШТЕРИ ЖАНА ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТТУН ЧЕЧИМДЕРИНИН АТКАРЫЛЫШЫНА ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛ . . . . . . . . . . 16

3.1. Жазык-аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө прокуратурасы . . . 16

3.2.Кыргыз Республикасынын аскер прокуратурасы, областтык, шаардык жана райондук прокуратуралар. . . . . . . . . 21

4. АЙЫПТЫ ӨНДҮРҮҮНҮН ТАРТИБИ . . . . 23

5.МҮЛКТҮ КОНФИСКАЦИЯЛОО (АЛЫП КОЮУ) ЖӨНҮНДӨ СОТТУН ӨКҮМҮН АТКАРУУНУН ТАРТИБИ. . . . . . . . 27

6.МЕДИЦИНАЛЫК МҮНӨЗДӨГҮ МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫН КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ СОТТУН ЧЕЧИМДЕРИН АТКАРУУНУН ТАРТИБИ . . . . . . . . . . . . 29

КОНТРОЛДУК СУРООЛОР . . . . . . . . . 34

ТАПШЫРМАЛАР . . . . . . . . . . 35

ТИРКЕМЕЛЕР . . . . . . . . . . . 37

ПРОЦЕССТИК ДОКУМЕНТТЕРДИН ҮЛГҮЛӨРҮ. . . . . 55

**Ченемдик-укуктук база**

1. 2010-жылдын 27-июнундагы референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы.
2. 13.07.2017-жылдагы №124 “Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген, прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамы.
3. 02.02.2017-жылдагы № 20 Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы Жазык-процесстик кодекси.
4. 02.02.2017-жылдагы №19 Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси.
5. 31.01.2017-жылдагы № 17 Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси.
6. Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 24-августундагы “Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө” мыйзамы.
7. 28.01.2017-жылдагы №15 “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” мыйзамы.
8. 17.06.1999-жылдагы № 60 Кыргыз Республикасынын“Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” мыйзамы.
9. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 12.09.2014-жылдагы №521 буйругу менен бекитилген “Коомдук коркунучтуу иш-аракеттерди жасаган психикалык мандемдүү адамдарга медициналык мажбурлоочу жана башка чараларды колдонуунун тартиби жөнүндө" жобо.
10. КР Башкы прокурорунун 01.04.2016-жылдагы №8-П от “Жазык-аткаруу тутумундагы мыйзамдуулукка прокурордук көзөмөлдү уюштуруу жөнүндө” буйругу.
11. КР Башкы прокурорунун 01.04.2016-жылдагы №9-П “Жазык-аткаруу тутумундагы мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча прокуратура органдарынын ишин оптималдаштыруу жана өркүндөтүү жөнүндө” буйругу.
12. КР Башкы прокурорунун 18.07.2016-жылдагы "Жазык-аткаруу тутумунун органдарындагы жана мекемелериндеги мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө боюнча прокуратура жөнүндө" №29-П буйругу.

**Атайын адабияттар**

1. Смирнов А.В., Калиновский К.Б. Уголовный процесс. СПб.: Питер, 2005.272-б.
2. Кулбаев А.К. Уголовно-процессуальный кодекс Кыргызской Республики 2017 года: новеллы. Бишкек, 2018.
3. Стандарты справедливого правосудия (международные и национальные практики) / колл. авторов; под. ред. д. ю. н. Т.Г. Морщаковой. — М., 2012. 407-409-б.

## КОЛДОНМОНУН МАКСАТЫ

Жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттун чечимдерин жазык-аткаруу тутумунун, сот аткаруучулар кызматынын жана саламаттык сактоо органдары тарабынан аткарылышына, ошондой эле медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууда прокурордук көзөмөл жүргүзүү боюнча прокуратура органдарынын кызматкерлеринин теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн бекемдөө.

Өкүмдөрдү аткарууга жана медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууга байланышкан соттук отурумдарга катышууга угуучуларды окутуп-үйрөтүү.

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР

Окутуп үйрөтүүдөн кийин прокурорлор:

- жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттун чечимдеринин аткарылышына жана медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларынын колдонулушуна прокурордук көзөмөл жүргүзүү боюнча ишти уюштура алышат;
- соттун өкүмдөрүнүн, токтомдорунун жана аныктамаларынын аткаруу тартибин аныктай алышат;
- соттун өкүмдөрүн аткарууга байланышкан соттук отурумдарда прокурордун ыйгарым укуктарын эффективдүү жүзөгө ашырышат.

# КИРИШҮҮ

Мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын аткаруу жазык иштери жана жорук иштери боюнча сотко чейинки өндүрүштүн жана соттук териштирүүнүн акыркы баскычы болуп саналат.

2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилген жазык, жазык-процесстик жана жазык-аткаруу кодекстери сот чечимдерин аткаруунун жаңы принциптерин жана тартибин киргизди.

Мурда колдонулуп келген жазык мыйзамдарына салыштырмалуу эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазалар кыйла кыскарган болсо, ал эми жоруктар үчүн жаза катары эркиндигинен ажыратуу жазасы каралган эмес.

Мүлктү конфискациялоо жазалардын тизмесинен чыгарылып, жазык-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары категориясына өткөрүлдү.

Жазаларды аткаруу боюнча жаңы орган – соттолгондорду кайра социалдаштырууну камсыз кылуучу пробация органы түзүлдү (Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаменти).

Түзөтүү мекемесинин түрү соттун өкүмү менен эмес, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы тарабынан түзүлгөн атайын комиссия тарабынан аныкталат.

***Жазалар тутуму*** - бул оордугуна жараша белгилүү бир ырааттуулукта жайгашкан кылмыш жазаларынын түрлөрүнүн толук тизмеси.

***Жазалар тутумунун белгилери:***

а) мыйзамдарда жазалардын ар кандай түрлөрүн белгилөө;
б) жазык мыйзамында жазалардын толук аныктуулугу;
в) жазаларды иретке келтирүү: жазалардын бардык түрлөрү "жазанын тепкичин" түзүп, "жеңилирээк түрүнөн кыйла оор" принцибине ылайык жайгашылган;
г) сот үчүн милдеттүүлүк;
д) жазалар өз ара белгилүү аралыкты камтыйт.

***КР жаңы Жазык кодексинин тутумунан чыгарылган жазалар:***

а) Үч эселенген айып;
б) Зыяндын ордун толтуруп берүү менен эл алдында кечирим суроо;
в) Эркиндигин чектөө - жоруктар үчүн гана жаза катары каралган.

## Кылмыш үчүн жазанын түрлөрү

| Кылмыш үчүн негизги жаза | Кылмыш үчүн кошумча жазанын түрлөрү |
|---|---|
| **1*) Коомдон обочолонтуу менен байланышпаган:*** <br>• коомдук иштер; <br>• белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу; <br>• түзөтүү жумуштары; <br>• айып. <br><br>***2) Коомдон обочолонтуу менен байланышкан:*** <br>• тартиптик аскер бөлүгүндө кармоо; <br>• эркиндигинен белгилүү бир мөөнөткө ажыратуу; <br>• өмүр бою эркиндигинен ажыратуу. | **1)** кызматтык абалын же кызматтык абалда берилген мүмкүндүктөрдү пайдалануу менен кылмыш жасалган учурда - **атайын, аскердик, ардак наамынан, дипломатиялык рангынан же класстык ченинен ажыратуу;** <br><br>**2)** оор же өзгөчө оор кылмыш жасалган учурда - **мамлекеттик сыйлыктарынан ажыратуу.** <br><br>*Эгерде тиешелүү наам, чен, же болбосо сыйлык кызматтык жасалмачылыктын же башка кылмыштын натыйжасында ыйгарылса, адам ошондой эле сот тарабынан атайын, аскердик, ардак наамдарынан, дипломатиялык рангынан, класстык чендеринен, мамлекеттик сыйлыктарынан ажыратылат.* |
| **Айып жана белгилүү бир кызмат ордун ээлөө,** же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу **негизги** гана эмес **кошумча** жаза катары да колдонулушу мүмкүн. | |

Ошондой эле, жазаларды аткаруу процессинде жана аларды аткаруучу органдардын арасында дагы өзгөрүүлөр болду.

| №<br>п/п | **Жазанын түрү жана жазык-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары** | **Жазаларды аткаруучу органдар жана мекемелер** |
|---|---|---|
| 1. | Кылмыш же жорук жасаганы үчүн дайындалган айып түрүндөгү жазалар. | Аткаруу өндүрүшүнүн органдары соттолгондун жашаган жери (иш жүзүндө жашаган жери) боюнча. |
| 2. | Жашы жете электерге карата коомдук жумуштар, түзөтүү жумуштары, эркиндигин чектөө жана тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары түрүндөгү эскертүү менен жүрүш-турушун чектөө түрүндөгү жазалар. | Соттолгондун жашаган жери боюнча пробация органдары же соттолгондун аскер кызматынын жери боюнча командачылык. |
| 3. | Белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш жүргүзүү укугунан ажыратуу түрүндөгү жазалар | Соттолгондун жашаган жери боюнча пробация органдары, соттолгондун иштеген жери боюнча жазык-аткаруу системасынын мекемелери, администрация же соттолгондун аскер кызматынын жери боюнча командачылык, ошондой эле мыйзамдарга ылайык иштин тиешелүү түрлөрүн жүргүзүүгө уруксатты жокко чыгарууга ыйгарым укуктуу органдар. |
| 4. | Эркиндигинен ажыратуу жана өмүр боюу эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазалар. | Жазык-аткаруу системасынын мекемелери . |
| 5. | Атайын, аскердик, ардак наамдардан, класстык чинден, дипломаттык рангдан, мамлекеттик сыйлыктардан ажыратуу түрүндөгү жазалар. | Наамды, класстык ченди, дипломаттык рангды же мамлекеттик сыйлыкты ыйгарган орган. |
| 6. | Дисциплинардык аскер бөлүгүндө кармоо түрүндөгү жазалар. | Атайын дайындалган аскер бөлүктөрү. |
| 7. | Аскер кызматчыларына карата камакка алуу түрүндөгү жаза. | Аскер бөлүктөрү. |
| 8. | Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотулган жана жазаны өтөөдөн шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамдар. | Пробация органдарынын көзөмөлү астында турат. |

| | | |
|---|---|---|
| | Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотулган аскер кызматчылары. | Аскер бөлүктөрүнүн жана мекемелердин командачылыгынын пробациялык көзөмөлү астында турат. |
| 9. | Конфискацияланууга, материалдык чыгымды жана моралдык зыяндын ордун толтурууга жаткан предметтин ордуна мүлктү конфискациялоо (алып коюу), акча каражаттарын же башка мүлкүн конфискациялоо түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чаралары (коопсуздук чаралары), ошондой эле юридикалык жактарга карата айып түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоочу чаралары, жаза болуп саналбаган, материалдык чыгым менен моралдык зыяндын ордун толтуруу, жорук жасалган буюмду, куралдарды жана каражаттарды конфискациялоо түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чаралары. | Соттолгондун жашаган жери (иш жүзүндө жашаган), анын мүлкү же киреше алуучу булагы турган, ошондой эле мүлкү турган же юридикалык жакты каттоо жери боюнча сот өндүрүшүнүн аткаруу органдары. |
| 10. | Укуктарды чектөө, юридикалык жакты жоюу түрүндө юридикалык жактарга карата жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чаралары. | Сот дайындаган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же адамдар. |
| 11. | Жашы жетелектерге карата эскертүү менен көзөмөлгө өткөрүп берүү түрүндө тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары. | Ата-энелер же аларды алмаштыруучу адамдар, же болбосо балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган. |
| 12. | Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары жана мажбурлап дарылоо. | Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган жана жазык-аткаруу системасынын мекемелери. |
| 13. | Жазаны өтөгөндөн кийин Кыргыз Республикасынын чегинен чыгарып жиберүү. | Миграция, улуттук коопсуздук, ички иштер органдары жана чек ара кызматы. |

Андыктан, сот чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө ишин жүзөгө ашырууда прокуратура органдарынын кызматкери жазаларды аткарууга жооптуу ар бир органдын ишинин укуктук негиздерин кылдаттык менен окуп чыгышы керек.

## 1. ӨКҮМДҮ АТКАРУУ

Соттун өкүмү, токтому же аныктамасы аткарууга алынышы үчүн алар алгач мыйзамдуу күчүнө кириши керек.

***Биринчи инстанциядагы соттун өкүмү*** –апелляциялык тартипте даттануунун 30 суткалык мөөнөтү **бүткөндөн** кийин, эгерде ал даттанылбаса мыйзамдуу күчүнө кирет (КР ЖПКнин 393-бер.).

**Апелляциялык инстанциядагы соттун өкүмү** токтоосуз мыйзамдуу күчүнө кирет (КР ЖПКнин 408-бер.).

Өкүм биринчи инстанциядагы сот тарабынан ал мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып 3 суткадан кечиктирилбестен же жазык иштин апелляциялык же кассациялык инстанциядагы соттон биринчи инстанциядагы сотко кайтып келген күндөн тартып аткарылат.
**Өкүмдүн аткарылышын көзөмөлдөө өкүм чыгарган сот тарабынан жүзөгө ашырылат (КР ЖПКнин 418-бер.).**

Өкүмдү аткаруу жөнүндө буйрук сот тарабынан өкүмдүн көчүрмөсү менен бирге жазык-аткаруу мыйзамдарына ылайык өкүмдү аткаруу милдети жүктөлгөн органга жөнөтүлөт.

Мүлктү өндүрүп алуу бөлүгүндөгү өкүмдү аткаруу үчүн өкүмдүн көчүрмөсү менен бирге сот аткаруучусуна *аткаруу баракчасы* жөнөтүлөт (ЖПКнин 421-бер).

**Өкүмдү аткаруу** - бул милдеттүү баскычтардын катарына кирген жазык процесстин акыркы баскычы.

**Өкүмдү аткаруу баскычынын субъектилери:**

- сот;
- прокурор;
- соттолгон адам;

- административдик органдар (эркиндигинен ажыратуу жайларынын администрациясы, пробация органдары, укук коргоо органдары);
- коомчулуктун өкүлдөрү (коомдук уюмдар, диний бирикмелер, башка коомдук бирикмелер, жалпыга маалымдоо каражаттары).

***Өкүмдү аткаруу этабынын белгилери:***

- Бул этапта мыйзамдуу күчкө кирген соттун өкүмдөрүн ишке ашырууга түздөн-түз байланыштуу маселелер чечилет;
- Ушул этапта иш алып барган негизги орган төмөнкү варианттардын биринде сот болуп саналат:

  а) өкүм чыгарган сот;

  б) жаза өтөп жаткан жериндеги сот;

  в) соттолгон адамдын жашаган жериндеги сот.

Өкүмдү аткаруу этабы өкүмдүн резолюциялык бөлүгүндө көрсөтүлгөн *бардык чечимдердин толук аткарылышы* менен аяктайт.

*Биринчи жана апелляциялык соттордун өкүмүн, аныктамасын жана токтомун аткарууга алуу Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 416, 418-422-беренелери менен жөнгө салынат.*

Ошол эле учурда, прокурорлор Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 349-бер. ылайык, эске алышы керек:

- айыпкерди актоодо;
- жазаны дайындабастан айыптоо өкүмүн чыгарууда же жазаны өтөөдөн бошотууда;
- пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотууда;
- эркинен ажыратууга байланышпаган жазага соттоодо;
- жазык иши өндүрүштөн кыскартылганда;

***камактагы айыпталуучу*** *соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин* ***сот залында токтоосуз бошотулууга тийиш.***

Айыпталуучуга карата камакка алууга байланышпаган бөгөт коюу чарасы **тандалып** алынат.

Ошондой эле, прокурорлор өкүмдүн резолюциялык бөлүгүнүн мазмунуна көңүл бурушу зарыл, анда төмөндөгүлөр көрсөтүлүшү керек:

1. *Айыпталуучунун фамилиясы, ысымы жана атасынын ысымы;*
2. *айыпталуучу кылмышты жана (же) жорукту жасоого күнөөлүү деп табылгандыгы тууралуу чечим;*
3. *Жазык кодексинин жана (же) Жоруктар жөнүндөгү кодекстин айыпталуучу күнөөлүү деп таанылган беренеси, бөлүгү, пункту;*
4. *айыпталуучу күнөөлүү деп таанылган ар бир кылмыш же болбосо жорук үчүн айыпталуучуга дайындалган жазанын өлчөмү жана түрү;*
5. *Жазык кодексинин жана (же) Жоруктар жөнүндө кодекстин беренелеринин негизинде өтөлүүгө тийиш акыркы жаза чарасы;*
6. *пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотууда пробациялык көзөмөлдүн мөөнөтүнүн узактыгы, ошондой эле соттолгон адамга жүктөлүүчү контролдук талаптар жана пробациялык милдеттер, анын ичинде пробация органына келип туруу милдети;*
7. *атайын, аскердик, ардактуу наамынан же класстын чининен ажыратуу, ошондой эле мамлекеттик сыйлыктарынан ажыратуу тууралуу чечим;*
8. *эгерде айыпталуучу өкүм чыкканга чейин кармалган болсо же ага карата камакта, үй камагында кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасы колдонулган болсо, же ал психиатриялык мекемеде жайгаштырылган болсо, камакта кармоо убактысын эсепке алуу тууралуу чечим;*
9. *өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин айыпталуучуга карата бөгөт коюу чарасы тууралуу чечим.*
10. *конфискациялоодо келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө чечим;*
11. *материалдык зыяндын жана моралдык залалдын ордун толтуруу жөнүндө чечим;*
12. *буюм далилдери жөнүндө маселени чечүү;;*
13. *өлкөдөн чыгарып жиберүү жөнүндө чечим.*

# 2 . ӨКҮМДӨРДҮ АТКАРУУГА БАЙЛАНЫШКАН МАСЕЛЕЛЕРДИ СОТТУК КАРОО

Өкүм чыккандан кийин мыйзамда каралган жазанын максаттарына ылайык (КР ЖКнин 63-бер.), аны жүзөгө ашырууну татаалдаштырган же аны максатка ылайыксыз кылган, ал тургай кээде мурунку түрүндө аткарууга мүмкүн болбогон жагдайлар келип чыгышы мүмкүн.

Жазаны аткарууга жоoптуу органдар мындай маселелерди чечүүгө укугу жок, анткени, эреже катары, алар жазанын мазмунуна таасир эткендиктен, төмөнкүлөрдүн компетенциясына кирет:

а) өкүм чыгарган соттун;

б) соттолгон адам жазасын өтөп жаткан же медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуп жаткан жердеги соттун;

в) соттолгон адам кармалган жердеги соттун;

г) соттолгон адамдын жашаган жери боюнча соттун - жазаны аткаруу учурунда келип чыккан маселелердин мүнөзүнө жараша.

Өкүмдү аткарууга байланыштуу маселелер каралып жатканда үч категорияга бөлүнөт:

а) өкүм аткарылганга чейин чечиле турган маселелер (423-бер. өкүмдүн аткарылышынын мөөнөтүн кийинкиге жылдыруу) – **өкүм чыгарган сот тарабынан;**

б) өкүмдү же соттун башка чечимин аткарууда каралган маселелер - **аткаруу чөйрөсүндөгү сот тарабынан;**

в) жазаны өтөгөндөн кийин каралуучу маселелер (соттуулугун жоюу маселеси) - **жазаны өтөгөн орду боюнча сот тарабынан**.

**Жазаны аткарууга байланыштуу маселелер** тиешелүү соттун судьясы тарабынан сот отурумунда **прокурордун катышуусунда** жеке каралат (ЖПКнин 425-бер.).

Соттолгон адамдын сот отурумуна катышуусу жөнүндө чечим сот тарабынан кабыл алынат, бирок кандай болсо дагы, соттолгон адам өз укугун жактоочунун жардамы менен коргой алат.

Өкүмдүн аткарылышына байланыштуу жана сот отурумунда изилдөө предмети болгон жагдайларды **далилдөө түйшүгү** ***анын демилгеси (сунушу же өтүнүчү) боюнча тиешелүү маселе каралып жаткан адамга жүктөлөт.***

Өкүмдү аткарууга, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларынан колдонуу, жазаны өтөөдөн бошотууга байланыштуу маселерди чечүү сот тарабынан прокурордун катышуусунда жүргүзүлөт.

Жазаны аткарууга байланыштуу маселени кароо убактысы жөнүндө *прокурорго жана соттолгон адамга билдирилет*.

Камакта жаткан соттолгон адамды чакыруу маселеси сот тарабынан чечилет.

Эреже боюнча, соттук отурумдар соттолгондор кармалып жаткан колонияга баруу менен өткөрүлөт.

Эгерде маселе өкүмдүн материалдык зыяндын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтуруу бөлүгүнүн аткарылышына тиешелүү болсо, анда *жабырлануучу* дагы чакырылат, анын келбей калышы ишти карооого тоскоолдук кылбайт.

Сот тарабынан жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу (УДО) маселелерин кароодо төмөнкүлөр чакырылат:

- соттолгон адам,
- жаза-аткаруу мекемесинин администрациясынын өкүлү;
- пробация органынын өкүлү.

Түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукка прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, соттор тарабынан соттолгондорду жазаны өтөөдөн шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу, жазанын өтөлө элек бөлүгүн жумшак жазага алмаштыруу маселелерин кароодогу соттук отурумдарга **прокурорлордун катышуусу милдеттүү**.

Соттолгондорду жазаны өтөөдөн шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу, жазанын өтөлө элек бөлүгүн жумшак жазага алмаштыруу маселелерин кароо боюнча соттук отурумдарга катышууга даярданууда прокурорлор төмөндөгү ченемдердин талаптарын так билүүлөрү керек:

1.КР ЖКнин 88-бер. келтирилген **мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу үчүн шарттардын жыйындысы.**

Соттолгонго карата шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу төмөндө саналып өткөн шарттардын бардык жыйындысында колдонулат:

- түзөтүүнүн жана кайра социалдаштыруунун оң натыйжасына жетишкенге;
- кылмыш аркылуу келтирилген зыяндын жарымынан кем эмесинин ордун толтурганга;
- тындырылбаган тартиптик жаза чарасы болбогондо;

- жазаны өтөө мезгилинде эмгекке жана окууга ак ниетинен мамиле кылганга;
- эгерде алкоголдон, баңгиден, психотроптук же уулануудан көз карандылыгы бар болсо, алардан арылууга дарылануу курсун өтүүгө макулдук бергенге.

**2.** КР ЖАКнин 160-бер. жана ЖПКнин 426-бер. белгиленген соттолгон адам тарабынан арызын же мекеменин администрациясы өтүнүчүн берүүнүн тартибин жана соттор тарабынан жазаны өтөөдөн шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө материалдарды кароонун тартиби.

***Жазаны өтөөдөн шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотуудан сот баш тарткан учурда,*** ушул маселе боюнча сунушту кайталап кароо баш тартуу жөнүндө токтом чыгарылган күндөн тартып кеминде *3 ай өткөндөн кийин* жүргүзүлүшү мүмкүн

***Жазаны өтөөдөн шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотуу колдонулган учурда*** сот жазаны өтөөдөн шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамга жазанын мөөнөтүнүн өтөлбөй калган бөлүгүнүн чегинде *сыноо мөөнөтүн* дайындайт, бирок ал 3 жылдан ашпашы керек жана пробация органы тарабынан жүргүзүлүүчү сыноо мөөнөтүнүн учуруна шарттуу - мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамга көзөмөл белгилөө жөнүндө токтом чыгарат.

Иш сот тарабынан *жазаны аткаруу мекемесинин администрациясынын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын* ***биргелешкен сунушу*** боюнча каралган учурда сот ушул органдарга сунушту кароонун убактысы жана орду жөнүндө маалымдайт.

**Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотууну жокко чыгаруу жөнүндө** маселе, ошондой эле *соттолгон адам үчүн мурда белгиленген пробациялык милдеттенмелерди толуктоо жөнүндө* маселе сот тарабынан каралганда, сот *соттолуучунун, анын өкүлүнүн, пробация органынын өкүлүнүн же аскер бөлүгүнүн командачылыгынын, прокурордун катышуусу менен сунушту карайт.*

**Сот отуруму** сунуш берген мекеменин же органдын баяндамасы менен же болбосо, соттолгон адамдын түшүндүрмөсү менен башталат, андан кийин берилген материалдар изилденет, сот отурумуна катышкан адамдардын түшүндүрмөлөрү, прокурордун пикири угулат. Андан кийин сот токтом чыгаруу үчүн кетет.

Белгилей кетсек, **прокурордун пикири белгилүү бир мыйзам ченеми менен жана соттолгон адамдын инсандыгын эске алуу менен негизделиши керек.**

Өкүмдү аткаруу менен байланышкан маселени кароонун натыйжалары боюнча сот **токтом** чыгарат, ал сот отурумунун залында жарыялануута тийиш.

Токтомдун көчүрмөсү 3 күндүк мөөнөттө соттолгон адамга, өкүмдү аткаруу менен байланышкан маселе анын сунушу боюнча каралган органга, ошондой эле, эгерде маселе материалдык залалдын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтуруу бөлүгүндөгү өкүмдүн аткарылышына тиешелүү болсо жабырлануучуга да жиберилет.

Соттун токтому апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

**Соттун** өкүмдү аткарууга байланыштуу токтомдору **кассациялык тартипте даттанылбайт.**

Шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотулган соттолгондорго карата мекеменин же жаза аткаруучу органдын администрациясы соттолгондун тандаган жашаган жери боюнча пробация органына андан ары көзөмөл жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу үчүн соттун *өкүмүнүн көчүрмөсүн* жиберет.

Жазаны өтөөдөн шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотулган соттолгондор бошотулган күндөн тартып *5 күндүк мөөнөттө* тандап алган жашаган жери боюнча пробация органына келүүгө милдеттүү, ал жөнүндө мекеменин же жазаны аткаруучу органдын администрациясы тарабынан андан кол кат алынат.

Шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотулган соттолгондорду көзөмөлдөө КР ЖАКнин 26-главасында каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

## 3. ЖАЗЫК ИШТЕРИ ЖАНА ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТТУН ЧЕЧИМДЕРИНИН АТКАРЫЛЫШЫНА ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛ

**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 104-беренсинин 3-бөлүгүнө ылайык** прокуратура бирдиктүү системаны түзүп, ага төмөндөгүлөрдө мыйзамдын сакталышын көзөмөлдөө жүктөлгөн:

- жазык иштери боюнча соттун чечимдерин аткарууда;

-жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланышкан мажбурлоо мүнөзүндөгү чараларды колдонууда.

### 3.1. Жазык-аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө прокуратурасы

Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө прокуратурасы Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын бирдиктүү тутумунун курамына кирген адистештирилген прокуратура (мындан ары - Адистештирилген прокуратура) болуп саналат жана экстерриториалдык принцип боюнча Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагында иш алып барат.

Адистештирилген прокуратура жазаларды аткаруу мекемелеринде жана органдарында мыйзамдардын сакталышына көзөмөл жүргүзүү аркылуу Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунда (мындар ары ЖАТ) мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

*Адистештирилген прокуратура максаттарга жетүү жана тапшырмаларды аткаруу үчүн төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:*

- мыйзам актыларынын так жана бирдей аткарылышын, анын ичинде жазык-аткаруу тутумундагы Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөгө;
- башка мамлекеттик органдарды, мамлекеттик жана ведомстволук көзөмөлдөө жана контролдоо органдарын алмаштырбастан жана текшерүү объектилеринин ыкчам чарбалык ишмердүүлүгүнүнө жана жарандардын жеке турмушуна кийлигишпестен, мыйзамдардын аткарылышын, ченемдик укуктук актылардын мыйзамдуулугун жана

адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын көзөмөлдөөгө;

- көзөмөл ыйгарым укуктардын чегинде прокурордун чара көрүү актыларын: каршылык билдирүү, сунуштама, талап, эскертүү, токтом, доо арыз киргизүүгө;
- адистештирилген прокуратуранын компетенциясына кирген маселелер боюнча жарандардын, жарандыгы жок адамдардын жана чет өлкөлүк жарандардын, ошондой эле юридикалык жактардын арыздарын кароого, белгиленген тартипте жарандарды кабыл алууга;
- ЖАТ сотко чейинки өндүрүш органдарында жазык процессинин сотко чейинки баскычында адамдын жана жарандын укуктарынын сакталышына, камакка алууда мыйзамдуулукка, эркиндигинен ажыратууга байланышкан бөгөт коюу чараларын тандоого, жазык жоопкерчилигине тартууга көзөмөл жүргүзүү боюнча чараларды көрүүгө;
- көзөмөлдөө иш милдеттерин жүзөгө ашырууда ЖАТ органдарынын жана мекемелеринин жетекчилеринен керектүү документтерди, локалдык актыларды, материалдарды, жазык иштерин, статистикалык жана башка маалыматтарды берүүнү талап кылууга, ошондой эле текшерүү жүргүзүүгө, анын ичинде жеринде барып текшерүүгө;
- ЖАТ органдарынын жана мекемелеринин жетекчилерин, ошондой эле жарандарды алардан мыйзам бузуулар жөнүндө түшүндүрмө алуу үчүн чакырууга;
- кылмыштардын жана жоруктардын Бирдиктүү реестрине маалымат киргизүүгө;
- өкүмдү же соттун башка чечимин аткарууга байланыштуу маселелер боюнча сот отурумдарына катышууга.

**Эркиндигинен ажыратуу** жана өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү **жазалар** *жазык-аткаруу системасынын мекемелери тарабынан аткарылат*.

Соттолгон адамга түзөтүү мекемесинин түрүн жана жаза өтөө жерин аныктоо соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргендиги жөнүндө билдирүү тапшырылгандан кийин **<u>жети календардык күндүн</u>** ичинде **Кыргыз Республикасынын Жазаларды аткаруу мамлекттик кызматынын *(ЖАМК)* атайын комиссиясы** тарабынан жүргүзүлөт.

ЖАТ органынын атайын комиссиясынын курамы жана иштөө тартиби Өкмөт тарабынан аныкталат *(1-Тиркеме)*.

ЖАТ органынын атайын комиссиясынын түзөтүү мекемесинин түрүн жана эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза өтөө ордун аныктоо жөнүндө чечимине даттануу анын аткарылышын токтото албайт.

*Жазык-аткаруу тутумунда жана мекемелерде мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүүдө прокурорлор соттолгондордун негизги укуктарын билиши керек:*

- жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын өтөө тартиби жана шарттары жөнүндө маалымат алуу;
- татыктуу мамиле;
- жеке коопсуздук;
- саламаттыгын сактоо жана квалификациялуу медициналык жардам алуу;
- социалдык жактан корголуу; юридикалык жардам алуу;
- билим алуу;
- дин тутуу жана динге ишенүү эркиндиги;
- сунуш, арыз жана даттануу менен кайрылуу;
- эне тилинде же өзү билген башка каалаган тилде түшүндүрмө берүү жана кат алышуу, ошондой эле сунуш жана даттануу менен кайрылуу;
- жабырлануучулар менен медиацияга катышуу;
- дипломатиялык өкүлчүлүктөр жана консулдук мекемелер менен байланыштарды күтүү (соттолгон чет өлкөлүк жарандар үчүн).

Ошону менен катар эле, түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулуктун сакталышын көзөмөлдөө боюнча прокуратурасынын ишине жүргүзүлгөн талдоо жыл сайын түзөтүү мекемелеринин администрацияларынан мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу, түзөтүү мекемелеринин түрүн өзгөртүү жөнүндө келип түшкөн сунуштардын жана соттолгондордун кармоо тартибинин түрүн өзгөртүү боюнча материалдардын саны көбөйгөндүгүн көрсөтүп турат. Бул сот материалдары судьялардын республиканын дээрлик бардык аймактарында жайгашкан түзөтүү мекемелерине баруусу менен каралат.

Бирок, түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча прокуратуранын белгиленген штаттык бирдиги (13 бирдик) аталган материалдарды соттор менен кароого прокурорлордун катышуусунун даярдык сапатын толук камсыз кылууга объективдүү түрдө мүмкүнчүлүк бербейт.

Мындан тышкары, алыстыктан улам Нарын, Ысык-Көл жана Талас областарынын аймагында жайгашкан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын мекемелеринин ишмердүүлүгү иш жүзүндө түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча прокуратуранын көз жаздымында калган.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, бул чөйрөдө прокурордук ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу максатында, 2016-жылдын 1-апрелинде Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору тарабынан **“Жазык-аткаруу тутумундагы мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча прокуратура органдарынын ишин оптималдаштыруу жана өркүндөтүү жөнүндө” №9-П буйругу** чыккан, ага ылайык:

Нарын, Ысык-Көл жана Талас областарынын прокурорлоруна Нарын, Ысык-Көл жана Талас областарында жайгашкан:

*-Нарын областындагы – Нарын ш. №24 мекеме;*

*-Ысык-Көл областындагы – Каракол ш. №23 мекеме, Чолпон-Ата ш №44 мекеме., Балыкчы ш. №51 мекеме;*

*-Талас областындагы – Кара-Буура району “Маймак” станциясы №29 мекеме, Бакай-Ата району Озгоруш а.№39 мекеме;*

түзөтүү мекемелеринин жана тергөө изоляторлорунун кызматкерлери тарабынан Кыргыз Республикасынын Жазык, Жазык-процесстик, Жазык-аткаруу кодекстеринин, “Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө” Мыйзамынын, “Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун тергөө изоляторлорунун ички тартибинин эрежелеринин”, “Жазык-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелеринин”, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарынын аткарылышына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын соттолгондорду жазасын өтөп жаткан жерлерде жана камакта кармоо маселелери боюнча ченемдик актыларынын мыйзамдарга ылайык келүүсүнө системалуу түрдө көзөмөл жүргүзүү тапшырылган.

Бишкек жана Ош шаарларында, Чүй, Жалал-Абад, Баткен областарында жайгашкан түзөтүү мекемелеринин жана тергөө изоляторлорунун кызматкерлери тарабынан жогоруда белгиленген ченемдик укуктук актылардын аткарылышын көзөмөлдөө түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча прокуратурага жүктөлгөн.

Областардын, шаарлардын жана райондордун прокурорлору ар квартал сайын аймактык жазык-аткаруу инспекцияларында эркиндигинен ажыратууга байланышпаган коомдук иштерге тартуу, түзөтүү жумуштары, эркиндигин чектөө, белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу түрүндөгү жазаларды аткарууда, ошондой эле пробациялык көзөмөлду ишке ашыруу, жазаны шарттуу түрдө колдонбостон соттолгондордун жүрүм-турумун контролдоо, аларга карата жазаны аткаруу, жазасын аткаруу кийинкиге жылдырылган кош бойлуу аялдарды жана жаш балдары бар аялдарды көзөмөлдөө, шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотулган соттолгондорду контролдоодо мыйзамдардын сакталышын текшерип турушу керек.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын төмөнкү аймактарда жайгашкан:

1. Кызыл-Кыя ш. №43 мекеме;
2. Токтогул ш. №52 мекеме;
3. Кара-Буура району, «Маймак» станциясы №29 мекеме;
4. Бакай-Атина району, Озгоруш а. №39 мекеме;
5. Аламудун району, Степное а., №2 мекеме, Молдовановка а. №26 мекеме, №27 мекеме, №31 мекеме, №48 мекеме;
6. Панфилов району, Вознесеновка а., №14 мекеме, №14 мекеменин алдындагы тергөө изолятору;
7. Сокулук району, Джаны-Джер а., №19 мекеме, Ново-Павловка а. №37 мекеме;
8. Ысык-Ата району, Нижний Нооруз а., №50 мекеме;
9. Москва району, Петровка а. №8 мекеме, Беловодское а., №45 мекеме;
10. Кемин ш., №38 мекеме.

түзөтүү мекемелеринин администрацияларынын ***мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу, мунапыс актысын колдонуу, түзөтүү мекемелеринин түрүн өзгөртүү, соттолгондордун кармоо тартибинин түрүн өзгөртүү боюнча*** сунуштарын кароо боюнча соттук отурумдарга прокурордун катышуусу аймактык (областтык, шаардык, райондук) прокурорлорго жүктөлгөн.

Күчөтүлгөн тартиптеги абак мекемелеринин Чүй областынын Москва районунун Беловодское а. жайгашкан №16 мекеме, Аламүдүн районунун Молдовановка а. №1 мекеме, Ысык-Ата районунун Новопокровка а. №3 мекеме, Бишкек шаарындагы №32 мекеме, №35 мекеме, №47 мекеме, №21 мекеме, Ош шаарындагы №25 мекеме жана №42 мекеме, Жалал-Абад

шаарындагы №10 мекеме жана №53 мекеме администрацияларынын сунуштарын кароого катышуу түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча прокуратурасынын кызматкерлерине жүктөлгөн.

Нарын, Ысык-Көл, Талас, Жалал-Абад, Баткен областарынын аймагында жайгашкан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын мекемелеринде жасалган кылмыштар боюнча жазык иштерине мамлекеттик айыптоону колдоо тиешелүү аймактык прокурорлорго, ал эми Бишкек, Ош шаарларынын жана Чүй областынын аймагы боюнча түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча прокуратурасынын прокурорлоруна жүктөлгөн.

### 3.2. Кыргыз Республикасынын аскер прокуратурасы, областтык, шаардык жана райондук прокуратуралар

Аскер прокуратурасы, областтык, шаардык жана райондук прокуратуралар аскер бөлүктөрүнүн, сот аткаруучулар кызматынын бөлүмдөрүнүн (САКБ) жана пробация органдарынын соттун өкүмдөрүн аткаруу боюнча ишин көзөмөлдөөнү жүзөөгө ашырат.

| |
|---|
| Сот өкүмдөрүн аткаруу боюнча сот аткаруучулар бөлүмдөрүнүн ишин көзөмөлдөө өкүмдүн аткарылган орду боюнча шаардык (райондук) прокуратураларга жүктөлгөн. |

Сот аткаруучулар кызматы тарабынан мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүүдө бардык шаар(рай) прокурорлор төмөндөгүлөрдү аткаруусу керек:

1. Прокурордук жөнгө салуу чаралары аркылуу сот аткаруучулары тарабынан аткаруу өндүрүшү жөнүндө колдонуудагы мыйзамдардын талаптарын кынтыксыз аткарууга жетишүү.

2. Сот аткаруучулардын ишмердүүлүгүндө мыйзамдардын аткарылышын текшерүү учурунда төмөнкү принциптердин сакталышына көңүл буруу:

- кабыл алынган чечимдердин **мыйзамдуулугу**;
- аткаруу иш-аракеттерин **өз убагында** жасоо;
- жарандын ар-намысын жана **кадыр-баркын урматтоо**;

3.Прокурордук көзөмөлдү жүзөгө ашырууда, атап айтканда, сот аткаруучулардын мыйзамсыз аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууларды текшерүүдө, сот аткаруучулар кызматынын бөлүмдөрүндө алардын жайгашкан орду боюнча аткаруу өндүрүшүн окуп чыгуу.

4.Аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарды бузуу боюнча кайрылууларды кароодо, арыз ээлеринин бардык жүйөөлөрүн кылдаттык менен текшерип, Кыргыз Республикасынын Башкы сот аткаруучусунун жана областтык башкы сот аткаруучулардын аларга баш ийген сот аткаруучуларынын мыйзамсыз чечимдерин жокко чыгаруу боюнча ыйгарым укуктарын кеңири колдонуу.

Башкы жана улук сот аткаруучулар тарабынан аларга баш ийген сот аткаруучулардын даттанылган чечимдеринин жана аракеттеринин (аракетсиздигинин) мыйзамдуулугу текшерилбеген учурларда, алардын дарегине прокуратура органдарына жарандардан келип түшкөн даттанууларын **кароосунун жыйынтыгын контролго алуу** менен жиберүү.

5. Эгерде мыйзам бузуулар аныкталса, аларды четтетүү жөнүндө Башкы сот аткаруучуга күнөөлүү сот аткаруучуларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу маселесин коюу менен сунуш келтирүү.

6. Сот аткаруучулардын мыйзамсыз чечимдерине прокурордук чара көрүү актыларын киргизүү.

7. Сот аткаруучулардын аракеттеринде кылмыштын белгилери аныкталган учурда токтоосуз түрдө материалдарды КЖБРне каттоо менен юридикалык баа берүү үчүн тергөө органдарына жөнөтүү.

8. Сот аткаруучу өзүнө тапшырылган кызматтык милдеттерди жана ыйгарым укуктарды аткарбаса же болбосо талаптагыдай аткарбаса, сот аткаруучу жоруктарды жана укук бузууларды жасаса, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

9.Сот аткаруучунун чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) областтын башкы сот аткаруучусуна, Башкы сот аткаруучуга же сотко даттанылышы мүмкүн.

Мыйзам бузууларды аныктаган бардык учурларда, мыйзамдуулукту калыбына келтирүүгө жетишүү жана күнөөлүүлөрдүн жоопкерчилиги жөнүндө маселени чечүү керек.

Андыктан, шаар(рай) прокурорлор төмөндөгү нормаларды билүүсү зарыл:

Аткаруу документин карызкорго аткаруу үчүн биринчи жолу берүүдө сот аткаруучу ***аткаруу документин ыктыярдуу аткаруу жөнүндө сунушту*** тапшырат.

Ыктыярдуу аткаруу жөнүндө сунушта сот аткаруучу:

- карызкор аткаруу документин ыктыярдуу аткаруусу үчүн мөөнөттү белгилейт;
- ыктыярдуу аткаруу үчүн мөөнөттүн аякташы менен андан тиешелүүлүгүнө жараша аткаруу жыйымын жана аткаруу иш-аракеттерин жасоо боюнча чыгашаларды өндүрүп алуунун көрсөтүлгөн талаптарын мажбурлап аткартуу жөнүндө карызкорго эскертүү берет;
- сот актысын аткарбаганы, ага тете анын аткарылышына тоскоолдук кылганы үчүн жоопкерчилик жөнүндө, ошондой эле чектөө чараларын колдонуу мүмкүнчүлүгү тууралуу карызкорго эскертүү берет;
- мүлккө карызкордун укуктары жөнүндө маалыматтарды толтурууну жана берүүнү сунуш кылат.

Ыктыярдуу аткаруу үчүн мөөнөт аткаруу документин ыктыярдуу аткаруу жөнүндө сунушту карызкор алган күндөн тартып ***он жумушчу күнгө*** белгиленет.

## 4.АЙЫПТЫ ӨНДҮРҮҮНҮН ТАРТИБИ

Кылмыш же жорук жасаганы үчүн дайындалган **айып түрүндөгү жазалар** аткаруу өндүрүшүнүн органдары тарабынан соттолгондун жашаган жери (иш жүзүндө жашаган жери) боюнча же анын мүлкү турган жер боюнча аткарылат.

Кылмыштар жана жоруктар үчүн салынган айыптар САКБ тарабынан “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 94-беренесинде белгиленген эрежелерге ылайык аткарылат.

Айыпты өндүрүү үчүн аткаруу баракчалары сот тарабынан аткаруу барагын берүүгө негиз болгон сот актылары менен бирдикте жөнөтүлөт.

Сот аткаруучу сот актыларысыз же КР Жазык кодексинин 68-бер. 5-бөл. КР Жоруктар жөнүндө кодексинин 45-бер.5-бөл., 46-бер. 7-бөл., 48-бер. 5-бөл.

талаптарын бузуу менен жөнөтүлгөн аткаруу баракчаларын кабыл алуудан баш тартат.

Сот аткаруучу өндүрүшүнө айып пул өндүрүү жөнүндө аткаруу баракчасын кабыл алып, карызкорго (соттолгон адамга) кабарлоонун алгандан тартып эки айдын ичинде айыпты төлөп берүү жөнүндө кабарлоо берип, ошол эле учурда айыпты төлөбөөнүн кесепеттерин түшүндүрөт.

Өкүм мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып, ***кылмыш жасагандыгы үчүн*** соттолгон адам айыпты **бир айдын** ичинде төлөөгө милдеттүү (Кыргыз Республикасынын ЖАКнин 59-бер.).

Соттолгон негизги жаза катары дайындалган айыпты **бир айдын ичинде** төлөбөгөн учурда, аткаруу өндүрүшүнүн органы аны төлөө мөөнөтү бүткөн күндөн тартып бир айлык мөөнөттө сотко айыптын суммасын жазык мыйзамдарында жана аткаруу өндүрүш чөйрөсүндөгү мыйзамдарда каралган тартипте эки эселөө жөнүндө сунуштама киргизет.

Негизги жаза катары дайындалган эки эселенген айыпты төлөбөгөн учурда жана сот аткаруучуда үчүн соттолгон адам тарабынан кылмыш жасагандыгы үчүн айыпты төлөгөндүгү жөнүндө маалымат болбогондо, аткаруу өндүрүшүнүн органы **бир айдын ичинде** сот актысын чыгарган сотко Кыргыз Республикасынын ЖКнин 351-беренесине ылайык негизги жаза катары дайындалган айыпты эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазага алмаштыруу жөнүндө сунуштама киргизет.

Соттолгон *жорук жасаганы үчүн* дайындалган **айыпты** өкүм мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып **бир айдын ичинде** төлөөгө милдеттүү (Кыргыз Республикасынын ЖАКнин 60-бер.).

Жорук жасаганы үчүн дайындалган айыпты соттолгон адам төлөбөгөн учурда, аткаруу өндүрүшүнүн органы аны төлөөнүн мөөнөтү бүткөн күндөн тартып **бир айлык мөөнөттө** соттолгон адамды Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин 49-беренесинде каралган тартипте жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселени чечүү үчүн сотко материалдарды киргизет.

Эгерде жорукту жасагандыгы үчүн ушул эле мөөнөт өткөн учурда же жоруктары же кылмыштары үчүн жазанын башка түрлөрү айып салууга алмаштырылган учурда, сот аткаруучуда карызкор тарабынан тиешелүү суммадагы акча төлөнгөндүгү жөнүндө маалымат болбосо, анда ал Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 351-беренесине ылайык ички иштер органдарына карызкорду жазык жоопкерчилигине тартуу жөнүндө сунуш жиберет.

**Юридикалык жакка - карызкорго** жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чаралары катары салынган айып төмөндөгүдөй тартипте өндүрүлөт.

Айыпты төлөп берүү жөнүндө билдирүүдө сот аткаруучу карызкорго - юридикалык жакка билдирүүнү алган учурдан тартып келип тартып <u>үч айдын ичинде</u> айып төлөөдөн качса, ал сот тартибинде жоюлууга алып келээрин түшүндүрөт.

Айыпты убагында төлөнбөгөн учурда, сот аткаруучу юридикалык жак катталган жери боюнча сотко карызкорду - юридикалык жакты сот тарабынан жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чаралары катары салынган айып пулду аткарбаганы үчүн мажбурлап жоюу жөнүндө арыз менен кайрылат.

Жашы жетелектерге карата **коомдук жумуштар, түзөтүү жумуштары, эркиндигин чектөө жана тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары** түрүндөгү эскертүү менен жүрүш-турушун чектөө түрүндөгү жазалар соттолгондун жашаган жери боюнча *пробация органдары* же соттолгондун аскер кызматынын жери боюнча командачылык тарабынан аткарылат.

**Белгилүү бир кызматтарды ээлөө** же белгилүү бир иш жүргүзүү укугунан **ажыратуу түрүндөгү жазалар:**

- *соттолгондун жашаган жери боюнча пробация органдары,*
- *соттолгондун иштеген жери боюнча жазык-аткаруу системасынын мекемелери,*
- *администрация же соттолгондун аскер кызматынын жери боюнча командачылык,*
- *ошондой эле мыйзамдарга ылайык иштин тиешелүү түрлөрүн жүргүзүүгө уруксатты жокко чыгарууга ыйгарым укуктуу органдар тарабынан аткарылат.*

**Атайын, аскердик, ардак наамдардан, класстык ченден, дипломаттык рангдан, мамлекеттик сыйлыктардан ажыратуу түрүндөгү** жазалар бул наамды, класстык ченди, дипломаттык рангды же мамлекеттик *сыйлыкты ыйгарган орган тарабынан* аткарылат.

**Дисциплинардык аскер бөлүгүндө кармоо түрүндөгү жазалар** *атайын дайындалган аскер бөлүктөрү тарабынан аткарылат.*

Аскер кызматчыларына карата **камакка алуу түрүндөгү жаза** *аскер бөлүктөрү* тарабынан аткарылат.

Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазаны өтөөдөн шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамдар ***пробация органдарынын*** *көзөмөлү астында,* ал эми **аскер кызматчылары -** *аскер бөлүктөрүнүн жана мекемелердин командачылыгынын* пробациялык көзөмөлү астында турат.

- Мүлктү конфискациялоо (алып коюу),
- материалдык чыгымды жана моралдык зыяндын ордун толтурууга жаткан предметтин ордуна мүлктү конфискациялоо,
- акча каражаттарын же башка мүлкүн конфискациялоо,
- юридикалык жактарга карата айып түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоочу чаралары,
- жаза болуп саналбаган, материалдык чыгым менен моралдык зыяндын ордун толтуруу,
- жорук жасалган буюмду, куралдарды жана каражаттарды конфискациялоо

түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чаралары (коопсуздук чаралары), соттолгондун жашаган жери (иш жүзүндө жашаган), анын мүлкү же киреше алуучу булагы турган, ошондой эле мүлкү турган же юридикалык жакты каттоо жери боюнча ***сот өндүрүшүнүн аткаруу органдары тарабынан*** *аткарылат.*

Жашы жетелектерге карата эскертүү менен көзөмөлгө өткөрүп берүү түрүндө **тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын аткаруу** ***ата-энелерге*** *же аларды алмаштыруучу адамдарга, же болбосо балдарды коргоо боюнча* ***ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга*** *жүктөлөт.*

***Жазаны өтөгөндөн кийин*** Кыргыз Республикасынын **чегинен чыгарып жиберүү** *миграция, улуттук коопсуздук, ички иштер органдары жана чек ара кызматы тарабынан* аткарылат.

## 5. МҮЛКТҮ КОНФИСКАЦИЯЛОО (АЛЫП КОЮУ) ЖӨНҮНДӨ СОТТУН ӨКҮМҮН АТКАРУУНУН ТАРТИБИ.

**Кыргыз Республикасынын ЖКнин 96-беренесине ылайык -** мүлктү конфискациялоо (алып коюу) (мындан ары - конфискация) - айыптоочу өкүмдүн негизинде төмөнкүдөй мүлктөрдү соңунда мамлекеттин менчигине айландыруу үчүн кайтарымсыз алып коюу:

1) ***кылмыш жасоонун натыйжасында алынган акчаларды***, баалуулуктарды жана башка мүлктү;

2) ***кылмыш жасоону каржылоо үчүн пайдаланылган же багышталган акчаларды,*** баалуулуктарды жана башка мүлктү;

3) кылмыш жасоонун натыйжасында алынган мүлк, ал мүлктөн түшкөн кирешелерди ***жарым-жартылай же толугу менен айландырылган же кайра өзгөртүлгөн*** акчаларды, баалуулуктарды жана башка мүлктү;

4) ***кылмыш жасоонун куралдарын, жабдууларын же башка каражаттарын***.

Эгерде кылмыш жасоонун натыйжасында алынган мүлк жана (же) ал мүлктөн түшкөн кирешелер мыйзамдуу жол менен алынган мүлккө кошулса, кошулган мүлктүн жана андан түшкөн кирешенин наркына туура келген мүлктүн бөлүгү конфискацияланууга тийиш.

Ушул берененин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунда көрсөтүлгөн, кылмыш жасаган адам тарабынан башка адамга (уюмга) өткөрүп берилген мүлк, ***эгерде мүлктү кабыл алган адам ал кылмыштуу аракеттердин натыйжасында алынгандыгын билсе же иштин жагдайлары боюнча билүүгө тийиш болсо***, конфискацияланууга жатат. Мүлк, соттун чечими боюнча коопсуздук чарасы катары, менчик ээсинен конфискацияланышы мүмкүн.

Эгерде сот белгилүү бир предметти предметти конфискациялоо тууралуу чечим кабыл алган учурда, аны пайдалануу, сатуу же башка себептердин айынан алып коюуга мүмкүн болбосо, анда сот бул предметтин наркына туура келген акчалай сумманы конфискациялоо жөнүндө чечим чыгарат.

Мүлккө кирген предметтин ордуна берилүүчү акча каражаттары болбогон, же болбосо жетишсиз болгон учурда, сот конфискацияланууга

жаткан предметтин наркына туура келген, же болбосо мыйзамдарга ылайык өндүрүп алуу колдонулбай турган мүлктөрдү кошпогондо, бул предметтин наркына салыштырмалуу келген нарктагы башка мүлктү конфискациялоо жөнүндө чечим чыгарат.

Соттолгондун мүлкүн конфискациялоо (алып коюу) жөнүндө өкүм чыгарган сот өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин аткаруу өндүрүшү органдарына аткаруу баракчасын, мүлктүн тизмесинин көчүрмөсүн, аткаруу үчүн соттун өкүмүнүн көчүрмөсүн жиберет.

Кыргыз Республикасынын ЖАКнин тиркемесинде белгиленген Тизмекке ылайык соттолгондун мүлкү конфискацияланууга (алып коюуга) жатпайт.

*Жазык ишинде мүлктүн жазма тизмеси болбогондо, мүлктүн тизмеги жок экени жөнүндө маалымкат жиберилет.*

Соттун өкүмүн чыгарууда сот тарабынан аныкталбаган **мүлктү конфискациялоо жөнүндө** *аткаруу документин* аткаруунун жүрүшүндө сот аткаруучу карызкордун ***табылган мүлкүнө*** камак салат жана ушул мүлк карызкордун менчиги эместиги жөнүндө арыз келип түшкөн учурда бул жөнүндө билдирген адамдарга мүлктү камакка алуу (тизмектөө) актысынан мүлктү чыгаруу жөнүндө арыз менен сотко кайрылууга алардын укугу жөнүндө түшүндүрөт.

**Мүлктү конфискациялоо** (карызкордун банктарда эсептерде жана салымдарда турган акча каражаттарын, баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунда турган карызкордун баалуу кагаздарын жана акча каражаттарын кошпогондо) сот аткаруучу тарабынан калыс-күбөлөрдүн катышуусу жана ***мүлкүн тизмектөө актысын түзүү*** жана алып коюу менен жүргүзүлөт.

**Акча каражаттарын конфискациялоодо** сот аткаруучу конфискациялоо жөнүндө ***токтомду*** *банкка, баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусуна жиберет*. Токтомдо акча каражаттары которулууга тийиш болгон ***республикалык бюджеттин маалым даректери*** көрсөтүлөт.

Конфискацияланган мүлктү мамлекеттик органдын жана уюмдун компетенциясына ылайык аларга өткөрүп берүү конфискацияланган мүлк турган жерде кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча көрсөтүлгөн мүлккө сот аткаруучу тарабынан салынган камакка алууну алып салгандан кийин

жана башка органдар тарабынан салынган камакка алууну алып койбостон жүргүзүлөт.

Мамлекеттик органдын же уюмдун кызмат адамынын конфискацияланган мүлктү алуудан баш тартуусу Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке алып келет.

Андыктан, ***соттун өкүмү боюнча конфискацияланууга жатпаган мүлктөрдүн ТИЗМЕГИн билүү керек*** *(№2-тиркеме).*

## 6. МЕДИЦИНАЛЫК МҮНӨЗДӨГҮ МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫН КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ СОТТУН ЧЕЧИМДЕРИН АТКАРУУНУН ТАРТИБИ

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин психиатриялык оорукааналарына жайгаштырылган, жазаны дайындоону же аткарууну мүмкүн эмес кылган, акыл-эси жайында эмес абалда жазык мыйзамы менен тыюу салынган жосунду жасаган же кылмыш жасагандан кийин психикалык жактан жабыркаган адамдарга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу боюнча сот чечимдеринин аткарылышына көзөмөл жүргүзүү төмөндөгүдөй:

- Бишкек шаарындагы "Республикалык психикалык саламаттык борбору" (РПСБ) – Бишкек шаардык прокуратурасы;
- Кемин районунун Чым-Коргон а. "Республикалык психиатриялык оорукана" – Чуй областтык прокуратурасы;
- Таш-Көмүр ш. Кызыл-Жар штп. "Республикалык психиатриялык оорукана" – Жалал-Абад областтык прокуратурасы.

Кыргыз Республикасынын ЖКнин 115-беренесине ылайык – Жазык кодексинде каралган кылмыш белгилерине туура келген жосунду жасаган адамга амбулатордук психиатриялык жардам көрсөтүү жана атайын дарылоо мекемесине жайгаштыруу, ошондой эле кылмыш жасаган адамды мажбурлап дарылоо медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары болуп саналат.

Адамды милдеттүү түрдө дарылоо жана анын жаңы кылмыштарды жасоосун болтурбай коюу медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларынын максаты болуп эсептелет.

Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары сот тарабынан төмөнкүдөй адамга колдонулушу мүмкүн:

1) Жазык кодексинде каралган укукка каршы жосунду **акыл-эси жайында болбогон абалда жасаган**;

2) кылмышты **чектелүү акыл-эси жайында** абалда жасаган;

3) **кылмышты акыл-эси жайында абалда жасаган**, бирок өкүмдү чыгарганга чейин, же жазаны өтөп жатканда **жин оорусу менен ооруган же убактылуу психикасы айныган.**

Адамдын оорусунун мүнөзүнөн жана катуулугунан, ошондой эле КР Жазык кодексинде каралган жосунду жасоонун оордугунан улам, жин оорусу менен ооругандын өзү үчүн же башка адамдар үчүн коркунуч келтирген даражасын эске алып, сот медициналык мүнөздөгү төмөнкүдөй мажбурлоо чараларын көрө алат:

- мажбурлоо тартибинде амбулатордук психиатриялык жардам көрсөтүү (мажбурлап диспансерлештирүү);
- адаттагыдай байкоого алуу менен психиатриялык госпиталдаштыруу;
- күчөтүлгөн байкоого алуу менен психиатриялык госпиталдаштыруу;
- катуу байкоого алуу менен психиатриялык госпиталдаштыруу.

1. Милдеттүү түрдө амбулатордук байкоо жүргүзүү жана психиатрда дарылоо (мажбурлап диспансерлештирүү) оорусу күчөгөндүктүн белгилери байкалбаган психикалык оорулууларга, ошондой эле убактылуу психикасын айныткан оорудан сакайган адамдарга карата, жигердүү байкоо жүргүзүү, оорунун өнөкөткө айланышынын жана ушул Кодексте каралган жаңы жосундарды жасоосунун алдын алуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

2. **Адаттагыдай байкоого алуу менен** психиатриялык ооруканага госпиталдаштыруу психикалык абалы жана ушул Кодексте каралган жосунду жасаган мүнөзү боюнча ооруканада кармоого муктаж болгон оорулуу адамга карата дайындалышы мүмкүн.

3. **Күчөтүлгөн байкоого алуу менен** психиатриялык ооруканага госпиталдаштыруу ушул Кодексте каралган жарандардын өмүрүнө кол салуу

менен байланышпаган жосунду жасаган, бирок психикалык абалы боюнча айланадагыларга коркунуч келтирүү мүмкүн болгон оорулуу адамга дайындалат.

4. **Катуу байкоого алуу менен** психиатриялык ооруканага госпиталдаштыруу, психикалык абалы жана ушул Кодексте каралган жосунду жасаган мүнөзү боюнча коомго жана айланадагылар үчүн өзгөчө коркунуч келтирген оорулуу адамга дайындалат.

5. **Күчөтүлгөн жана катуу байкоого алуу менен** психиатриялык ооруканаларга госпиталдаштырылган адамдар ушул Кодексте каралган жаңы жосунду жасоо мүмкүндүгүн болтурбагандай шарттарда кармалат.

Кыргыз Республикасынын ЖКнин 119-беренесине ылайык-медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну узартуу, өзгөртүү, токтотуу врач-психиатрлардын комиссиясынын корутундусунун негизинде сот тарабынан жүзөгө ашырылат.

Соттун чечими боюнча медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулган адамдар медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну токтотуу же алардын түрүн өзгөртүү жөнүндө сот алдында өтүнүчтү козгоо мүмкүндүгү тууралуу маселени чечүү үчүн врач-психиатрлардын комиссиясынан **алты айда кеминде бир жолу** күбөлөндүрүүдөн өтүүгө тийиш.

Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын өзгөртүү же алып салуу үчүн негиздер болбогондо, врач-психиатрлардын комиссиясы ушул чараны колдонууну узартуу жөнүндө корутунду берет, ал дарылоо мекемесинин администрациясы тарабынан жылына бир жолудан кем эмес сотто кароо үчүн жөнөтүлөт.

Кылмыш жасагандан кийин же жазаны өтөө убагында, аны өзүнүн аракеттеринин маанисин аңдап билүүгө же аларды жетектөөгө жөндөмдүүлүгүнөн ажыратуучу **жин оорусуна** же убактылуу психикасын айнытуучу ооруга чалдыккан адамга, өзүнүн аракеттеринин маанисин аңдап билүүчү жана аларды жетектөөгө жөндөмдүүлүгү калыбына келгенден кийин, эгерде эскирүү мөөнөтү өтпөгөн болсо, же аны жазык жоопкерчилигинен жана **жазадан бошотуу үчүн башка негиздер болбосо, сот тарабынан жаза колдонулушу мүмкүн**.

Эгерде мындай адамга жаза колдонулса, анда медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулган убакыт психиатриялык стационарда өткөн

бир күнү эркиндигинен ажыратылган бир күнгө барабар болгон эсептен жаза мөөнөтүнө кошуп эсептелет.

**Алкоголизмден, баңгиликтен, токсикоманиядан, кургак учуктан жапа чеккен** адамдар кылмыш жасаган учурда, сот мындай адамдарга медициналык корутунду болсо, жаза менен, мажбурлап дарылоону дайындайт.

Эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жаза чараларына соттолгон, көрсөтүлгөн адамдар медициналык мекемелерде дарылануууга жатат. Мындай адамдар эркиндигинен ажыратууга соттолгон учурда, жазасын өтөгөн жерде, ал эми бошотулгандан кийин дарыланууну улантуу зарыл болгон учурларда, медициналык мекемелерде дарылануууга жатат.

Кыргыз Республикасынын ЖАКнин 31-беренесине ылайык, коомдон бөлөк кармоо менен байланышкан жазаларды, адамды атайын дарылоо мекемесине жайгаштыруу түрүндө медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары, атайын мекемеге жайгаштыруу түрүндөгү тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын аткаруучу органдар жана мекемелер **үч жумушчу күндүн ичинде** жубайына, анын туугандарынын бирине же болбосо анын мыйзамдуу өкүлүнө соттолгондун жазаны же жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын өтөөсүнүн башталышы жана жазаны өтөө орду жана алардын укуктары жөнүндө жазуу жүзүндө кабарландыруу жиберүүгө **милдеттүү**.

Оор ооруу менен ооруган эркинен ажыратууга соттолгондорду медициналык күбөлөндүрүү жана аларды андан ары жаза өтөөдөн бошотууну сунуш кылуу тартиби  Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-ноябрындагы №45 токтому менен бекитилген  Жобо менен жөнгө салынат *(№3-тиркеме).*

***Соттор менен медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө материалдарды кароодо шаар(рай) прокурорлор төмөнкүлөрдү билиши керек:***

- Кыргыз Республикасынын *“Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” мыйзамын;*
- Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 12.09.2014-жылдагы №521 буйругу менен бекитилген *“Коомдук коркунучтуу иш-аракеттерди жасаган психикалык мандемдүү*

*адамдарга медициналык мажбурлоочу жана башка чараларды колдонуунун тартиби жөнүндө" жобону*.

Шаар (рай) прокурорлор  ушул чараны колдонгон жерде *медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну токтотуу, өзгөртүү же узартуу жөнүндө* маселелерди соттор менен кароосуна прокурорлордун **милдеттүү түрдө катышуусун** камсыз кылууга милдеттүү.

Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө чечим чыгарган сот тарабынан материалдар каралган учурда, прокурорлор кароонун натыйжалары жөнүндө республиканын Башкы прокуратурасынын жазык жана жарандык сот өндүрүшү башкармалыгына маалымдоого тийиш.

# КОНТРОЛДУК СУРООЛОР:

1. Өкүмдү аткаруу деген эмне?
2. Өкүмдү аткарылышына ким көзөмөл жүргүзөт?
3. Өкүмдү аткаруу баскычынын субъектилери ?
4. Айып кайсы орган тарабынан аткарылат?
5. Түзөтүү иштери жана коомдук иштер түрүндөгү жазалар кайсы орган тарабынан аткарылыт?
6. Түзөтүү мекемесинин түрүн жана тартибин ким аныктайт?
7. Жазадан бошотулган адамдар кайсы органдын көзөмөлү астында болот?
8. Жазык-укуктук таасир этүү мажбурлоо чараларын кайсы орган аткарат?
9. Өкүм канча убакыт ичинде жана ким тарабынан аткарууга алынат?
10. Айып түрүндөгү жазаны өз ыктыяры менен аткаруу мөөнөтү кандай?
11. ЖАМКнын мекемелеринин ишин кайсы прокуратура көзөмөлдөйт?
12. САКБнын ишин кайсы прокуратура көзөмөлдөйт?
13. Жазаны аткарууга (423-бер. өкүмдүн аткарылышынын мөөнөтүн кийинкиге жылдыруу) алганга чейинки чечиле турган маселелерди кайсы сот карайт?
14. Өкүмдү аткаруу учурунда материалдарды кайсы сот карайт?
15. Жаза өтөп бүткөндөн кийинки (соттуулугун жоюу маселеси) маселелерди кайсы сот карайт?
16. Жазаны аткаруу учурунда сот аткаруучулардын мыйзамсыз иш аракеттерине келтирилүүчү прокурордук чара көрүү актыларынын түрлөрү кандай?

# ТАПШЫРМАЛАР:

**№1-Тапшырма.**

"Кыргызавтомаш" ААК заводунда слесарь болуп иштеген жаран Б.Кадырбаев 08.08.19-жылы Аламүдүн райондук соту тарабынан Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 139-бер. 1-бөл. боюнча 3 жылга түзөтүү жумушуна соттолгон.

Бирок, өкүмдү аткаруу учурунда «Кыргызавтомаш» ААК жоюлуп кеткен.

***Талкуу үчүн суроолор жана чечүү:***

1. Өкүм кайсы ченемдердин негизинде жана кандай түрдө аткарылышы керек?
2. Соттолгон Б.Кадырбаевди каттоонун тартиби жана мөөнөттөрү жана жазаны аткаруунун тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндө айтып бергиле.
3. Соттолгон Б.Кадырбаев жазасын өтөөдөн качкан учурда, ага карата кандай укуктук кесепеттер каралган?

**№2-тапшырма**

2000-жылы туулган жаран В.В.Воробьев КР ЖКнин кодексинин 202-бер. 3-бөл. 4-п. боюнча кылмыш жасоого айыпталган, бирок соттук териштирүүнүн жүрүшүндө, жабырлануучу саламаттыгына оор эмес зыян алгандыгы жөнүндө СМЭнин корутундусу чыккандыгына байланыштуу, ал Кемин райондук соту тарабынан КР ЖКнин кодексинин 202-бер. 1-бөл. менен 3 жылга эркиндигинен ажыратылган.

Ошол эле учурда, сот пробациялык баяндаманы дайындабастан туруп, В.Воробьевду үч жылдык мөөнөткө пробациялык көзөмөл колдонуу менен жазасын өтөөдөн бошотуу жөнүндө чечим чыгарып, айыпталуучуну сот залында камактан бошоткон.

***Талкуу үчүн суроолор жана чечүү:***

1. *Соттун өкүмүнө баа бергиле?*
2. *Мамлекеттик айыптоочунун аракети?*
3. *Сот соттук териштирүү аякттагандан кийин пробациялык баяндама дайындоого укуктуубу?*

**№3-тапшырма**

Курал жарак дүкөнүнүн ээси 1978-жылы туулган С.Касымов, Бишкек шаарынын Октябрь райондук соту тарабынан КР ЖКнин 253-бер. 1-бөл. менен 4 жылга курал-жарак соодасы менен алектенүү укугунан ажыратылган.

***Талкуу үчүн суроолор жана чечүү:***

1. *Соттолгон С.Касымовдун өкүмүнүн аткаруу тартибин айтып бергиле.*
2. *Соттолгон С.Касымов жазасын өтөөдөн качкан учурда, ага карата кандай укуктук кесепеттер каралган?*

## ТИРКЕМЕЛЕР

***№1-Тиркеме***

**Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын атайын комиссиясы жөнүндө**
**ЖОБО**

*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 27-августундагы № 399 токтому менен бекитилген)*

### 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул жобо Жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын (мындан ары - Атайын комиссия) курамын жана иш тартибин аныктайт.

2. Атайын комиссия төмөнкү функцияларды ишке ашырат:

- соттолгонго эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөө үчүн түзөтүү мекемесинин түрүн жана жерин аныктайт;

- соттолгонго түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү жөнүндө чечим кабыл алат;

- он сегиз жашка толгон соттолгондорду тарбиялоо абагында калтыруу жана соттолгондорду тарбиялоо абактарынан түзөтүү абактарына которуу жөнүндө чечим кабыл алат.

### 2-глава. Атайын комиссиянын ишин уюштуруу жана анын курамы

3. Атайын комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

- Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын жетекчисинин биринчи орун басары - Атайын комиссиянын төрагасы;

- өкүмдөрдү аткаруу жана атайын эсепке алуу бөлүмүнүн жетекчиси - Атайын комиссиянын төрагасынын орун басары.

Атайын комиссиянын мүчөлөрү:

- ыкчам бөлүмдүн жетекчиси же аны алмаштырган адам;

- тарбиялоо бөлүмүнүн жетекчиси же аны алмаштырган адам;

- медициналык бөлүмдүн жетекчиси же аны алмаштырган адам;

- Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын алдындагы Коомдук кеңештин өкүлү.

4. Атайын комиссиянын уюштуруу ишин (материалдарды даярдоо, жыйындарды уюштуруу) Атайын комиссиянын катчысы - өкүмдөрдү аткаруу жана атайын эсепке алуу бөлүмүнүн кызматкери камсыз кылат.

5. Атайын комиссиянын жыйындарынын ишине түзөтүү мекемелеринин жана тергөө изоляторлорунун начальниктеринин катышышы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын башка кызматкерлери тартылышы мүмкүн.

6. Атайын комиссиянын чечими кворум болгондо Атайын комиссиянын тизмелик курамынын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат, Атайын комиссиянын жыйынга катышкан бардык мүчөлөрүнүн колу коюлат жана ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык форма боюнча протокол менен таризделет. Добуштар тең болуп калган учурда төрагалык кылган адамдын добушу чечүүчү болуп саналат. Анын чечимине макул болбогон Атайын комиссиянын мүчөлөрүнүн өзгөчө пикири протоколго кошо жазылат.

## 3-глава. Соттолгонго эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөө үчүн түзөтүү мекемесинин түрүн жана жерин аныктоо тартиби

7. Соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген адамдар кармалган тергөө изоляторлорунун администрациясы аталган өкүмдү алгандан кийин:

- соттолгондордун мурунку соттуулугу жөнүндө маалыматтарды чогултат, ал алардын өздүк делолоруна тиркелет;

- аялдардан жана жашы жете электерден тышкары, эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөөгө соттолгондорду транзиттик-бөлүштүрүүчү пункттун функциясын ишке ашырган № 1 тергөө изоляторуна жиберет.

Ушул пункттун биринчи абзацында аталган тергөө изоляторунун администрациясы түзөтүү мекемесинин түрүн жана жаза өтөө жерин аныктоо жөнүндө маселени чечүү үчүн ушул Жобонун 8-пунктунда каралган тартипте Атайын комиссияга соттолгон аялдардын жана жашы жете электердин тизмесин жана өздүк делосун жөнөтөт.

8. № 1 тергөө изоляторунун администрациясы жума сайын ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча соттолгондордун тизмесин түзөт, түзөтүү мекемесинин түрүн жана жаза өтөө жерин аныктоо үчүн алардын өздүк делолорун комплектейт, алар Атайын комиссиянын кароосуна берилет.

9. Атайын комиссия Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 73-беренесине ылайык соттолгонго эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөө үчүн түзөтүү мекемесинин түрүн жана жерин аныктайт.

10. Атайын комиссия соттолгонго эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза өтөө жерин төмөнкүлөрдү эске алуу менен аныктайт:

- мурун эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза өтөгөн жерин;

- күйөөсүнүн (аялынын) жана жакын тууганынын жашаган жерин;

- соттолгондун өздүгүн;

- ден соолугунун абалын;

- террористтик жана экстремисттик багыттагы кылмышы үчүн соттолгонун;

- өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолгон жана өмүр бою эркиндигинен ажыратуу ырайым кылуу тартибинде эркиндигинен ажыратууга алмаштырылган адамдарды;

- соттордун жана укук коргоо органдарынын мурунку кызматкерлеринин соттолгонун;

- соттолгондун уюшкан кылмыштуу топторго же кылмыштуу уюмдарга тиешелүүлүгүн;

- кошо кылмыш жасаган соттолгондорду жаза өтөө үчүн ар башка жаза өтөөчү жерлерге жиберүүнү;

- жеке коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгын.

11. Соттолгонго түзөтүү мекемесинин түрүн жана жаза өтөө жерин аныктоо Атайын комиссия тарабынан Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 72-беренесинде белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт.

12. Атайын комиссиянын чечиминин негизинде жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын өкүмдөрдү аткаруу жана атайын эсепке алуу бөлүмү тарабынан ушул Жобонун 3-тиркемесине ылайык форма боюнча соттолгондорду түзөтүү мекемелерине жиберүүгө наряд жазылат.

13. Соттолгонго түзөтүү мекемесинин түрү аныкталгандан кийин, анын мурун эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза өтөгөн жери жөнүндө кошумча маалымат аныкталган учурда, аталган маалыматты эске алуу менен Атайын комиссия тарабынан соттолгонго түзөтүү мекемесинин түрү аныкталган учурдан тартып бир айдан ашпаган мезгилдин ичинде соттолгонго түзөтүү мекемесинин башка түрү аныкталат.

## 4-глава. Соттолгондорго түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү тартиби

14. Түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 80-беренесине ылайык Атайын комиссиянын чечими менен жүргүзүлөт.

15. Түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүүгө соттолгондон жазуу жүзүндөгү арыз алынганда иши жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органы тарабынан аныкталган Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын Түзөтүү' мекемесинин комиссиясы (мындан ары - Түзөтүү мекемесинин комиссиясы) арыз берүүнүн мыйзамдуулугун текшерет, анын

жыйынтыгы боюнча төмөнкү документтерди тиркөө менен ушул Жобонун 4-тиркемесине ылайык форма боюнча сунуштама даярдайт:

- соттолгондун жазуу жүзүндөгү арызын;
- өздүк делосу боюнча маалымкатты;
- мүнөздөмөнү;
- сыйлыктары жана жазалары жөнүндө маалымкатты;
- медициналык маалымкатты;
- протоколдон көчүрмөнү.

Аталган документтерге соттолгондун өздүгүн мүнөздөгөн башка документтер (жумуш берүүчүнүн, окутуучулардын ж.б. пикирлери) кошулушу мүмкүн.

Сунуштама жана даярдалган материалдар Түзөтүү мекемесинин комиссиясы тарабынан 10 жумуш күндүн ичинде Атайын комиссияга жөнөтүлөт.

16. Түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү боюнча Атайын комиссиянын жыйыны айына бирден кем эмес жолу өткөрүлөт.

17. Атайын комиссия ушул Жобонун 15-пунктунда аталган материалдарды карайт жана соттолгондун жүрүм-турумун, анын жаза өтөө мезгилинде эмгекке, окууга болгон мамилесин жана реабилитациялоо программаларына катышуусун эске алуу менен чечим кабыл алат.

18. Соттолгондордун түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү жана андан аркы жаза өтөөчү жерин аныктоо жөнүндө чечим түзөтүү мекемелерине баруу менен же видео байланыш системалары аркылуу аралыктан Атайын комиссиянын жыйынында кабыл алынат, ал ушул Жобонун 6-пунктунда белгиленген тартипте таризделет.

Атайын комиссиянын жыйынында видео байланыш системасынын пайдалангандыгы жөнүндө жыйындын протоколунда тиешелүү белги коюлат.

Аталган чечимден көчүрмө жана ушул Жобонун 15-пунктунда аталган материалдардын көчүрмөлөрү соттолгондун өздүк делосуна кошуу үчүн түзөтүү мекемесине жөнөтүлөт, материалдардын түп нускасы жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын өкүмдөрдү аткаруу жана атайын эсепке алуу бөлүмүндө сакталат.

19. Жыйындарды аралыктан видео байланыш системалары аркылуу өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын чечими менен аныкталат.

20. Жазаларды өтөөнүн белгиленген тартибин одоно бузуучу деп таанылган соттолгондорду Атайын комиссия аныктаган жатак-абактарынан тийиштүү түрдөгү режимдеги түзөтүү абактарына, ошондой эле түзөтүү абагынан түрмөгө которуу соттолгондун жазуу жүзүндөгү арызынан тышкары, ушул Жобонун 15-пунктунда аталган материалдарды жөнөтүү

менен түзөтүү мекемесинин начальнигинин сунуштамасы боюнча Атайын комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

21. Аталган чечимдердин (протоколдордун) негизинде жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын өкүмдөрдү аткаруу жана атайын эсепке алуу бөлүмү тарабынан ушул Жобого карата 3-тиркемеге ылайык форма боюнча соттолгондорду түзөтүү мекемелерине жиберүүгө наряд жазылат. Аталган чечимдерден көчүрмөлөр соттолгонго кол койдуруу менен берилет.

## 5-глава. Он сегиз жашка толгон соттолгондорду тарбиялоо абагында калтыруу жана соттолгондорду тарбиялоо абактарынан түзөтүү абактарына которуу тартиби

22. Он сегиз жашка толгон соттолгондорду тарбиялоо абагында калтыруу жана соттолгондорду тарбиялоо абактарынан түзөтүү абактарына которуу Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 138 жана 139-беренелерине ылайык Атайын комиссиянын чечими менен жүргүзүлөт.

23. Он сегиз жашка толгон соттолгондун тарбиялоо абагында калтырууга макулдугун алганда мекеменин начальниги 5 жумуш күндүн ичинде Атайын комиссияга төмөнкү материалдарды тиркөө менен өтүнүч кат жөнөтөт:

- соттолгондун жазуу жүзүндөгү макулдугун;
- өздүк делосу боюнча маалымкатты;
- мүнөздөмөнү;
- сыйлыктары жана жазалары жөнүндө маалымкатты;
- медициналык маалымкатты.

24. Он сегиз жашка толгон, терс мүнөздөлгөн соттолгондорду тарбиялоо абагынан башка түзөтүү абагына же алардын жыйырма жашка толгондугу боюнча которуу жөнүндө маселени кароодо мекеменин начальниги ушул Жобонун 23-пунктунда белгиленген тартипте Атайын комиссияга сунуштама жана материалдарды жөнөтөт.

25. Атайын комиссия ушул Жобонун 23 жана 24-пункттарында аталган өтүнүч катты, сунуштаманы жана материалдарды карайт жана ушул Жобонун 6-пунктунда белгиленген тартипте протоколду тариздейт.

Аталган чечимдин негизинде өкүмдөрдү аткаруу жана атайын эсепке алуу бөлүмү тарабынан ушул Жобонун 3-тиркемесине ылайык форма боюнча соттолгондорду түзөтүү мекемелерине жиберүүгө наряд жазылат.

26. Атайын комиссиянын ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик мыйзамдарына ылайык Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине киргизилет.

*№2 Тиркеме*

**Соттун өкүмү боюнча конфискацияланууга жатпаган мүлктөрдүн ТИЗМЕГИ**

*(КРнын ЖАКнин тиркемесинде көрсөтүлгөн)*

Соттолгон жана анын багуусунда турган адамдар үчүн зарыл болгон, ага менчик ээси укугунда таандык же кылмыш жасоо жолу менен алынбаган, жалпы менчикте анын үлүшү болуп саналган төмөнкүдөй мүлктүн түрлөрү жана предметтери конфискацияланууга жатпайт:

1) эгерде соттолгон жана анын үй-бүлөсү дайыма жашаган турак үй, квартира же алардын айрым бир бөлүктөрү;

2) конфискацияланууга жатпаган үй жана чарбалык курулуштар жайгашкан жер участоктору, ошондой эле өздүк көмөкчү чарбаны жүргүзүү үчүн зарыл болгон жер участоктору;

3) негизги иши айыл чарбасы болуп саналган адамдардан, - алардын үй-бүлөлөрүнүн керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн зарыл санда айыл чарба курулуштары жана короодогу малы, ошондой эле мал үчүн тоют;

4) айыл чарба өсүмдүктөрүн кезектеги себүү үчүн зарыл үрөндөр;

5) үй предметтери, анын ичинде:

а) кийим-кече, бут кийим, ич кийим, төшөк-шейшептер, колдонулуудагы ашкана эмеректери. Баалуу терилер жана башка баалуу кийим-кече, ашкана сервиздери, баалуу металлдардан жасалган, ошондой эле көркөм баалуулугу бар предметтер конфискацияланышы мүмкүн;

б) соттолгон жана анын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн минималдуу зарыл болгон эмерек;

в) балдардын бардык буюмдары.

6) эгерде соттолгондун негизги иши айыл чарбасы болуп саналса, жаңы түшүм алганга чейин соттолгон жана анын үй-бүлөсү үчүн зарыл сандагы тамак-аш азыктары, ал эми калган учурларда - Өкмөт тарабынан белгиленген өлчөмдөгү жалпы суммага тамак-аш азыктары жана акча;

7) тамак жасоо жана үй-бүлөнүн турак жайын жылытуу үчүн арналган отун;

8) соттолгон соттун өкүмү менен белгилүү бир иш жүргүзүү укугунан ажыратылган же алар инвентарды кылмыш же жорук жасоо үчүн колдонгон учурларды кошпогондо, соттолгондун кесиптик ишин улантуу үчүн зарыл инвентарь (анын ичинде окуу куралдары жана окуу китептери);

9) майыптардын ары-бери жүрүүсү үчүн атайын арналган транспорттук каражаттар;

10) соттолгон сыйланган эл аралык, мамлекеттик жана башка байгелер.

*Приложение №3*

**Оор оору менен ооруган эркинен ажыратууга соттолгондорду медициналык күбөлөндүрүү жана аларды андан ары жаза өтөөдөн бошотууну сунуш кылуу**

**ТАРТИБИ**

*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-ноябрындагы №745 токтому менен бекитилген. КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 23-ноябрындагы № 615, 2018-жылдын 19-октябрындагы № 488 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

1. Эркинен ажыратылган жайдан жаза мөөнөтүн өтөп жаткан мезгилде ооруга чалдыккан, ошондой эле соттолгонго чейин ооруган соттолгондор, эгерде алар жаза мөөнөтүн өтөп жаткан учурда оорусу өтүшүп кеткендиктен Жаза өтөөдөн бошотууну сунуш кылуу үчүн негиз болгон оорулардын тизмесинде (мындан ары - Тизме) (Оор оору менен ооруган эркинен ажыратууга соттолгондорду медициналык күбөлөндүрүү жана аларды андан ары жаза өтөөдөн бошотууну сунуш кылуу тартибине (мындан ары - Тартип) 1-тиркеме) көрсөтүлгөн ооруга айланса медициналык күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

2. Медициналык күбөлөндүрүү үчүн курамдарын Кыргыз Республикасынын жазык аткаруу тутумунун (мындан ары - ЖАТ) мамлекеттик органы бекиткен төмөнкү врачтык комиссиялар түзүлөт:

- ЖАТнун N 31, 47 мекемелерине караштуу атайы врачтык-эмгектик эксперттик комиссиялар (мындан ары - АВЭЭК), алардын курамдарына аталган мекемелерге караштуу ооруканалардын жетекчилери жана врачтары кирет;

- ЖАТнун N 10 мекемесине караштуу атайы врачтык комиссия (мындан ары - АВК), анын курамына мекеменин медициналык-санитардык бөлүгүнүн жетекчиси жана врачы, жарандык дарылоо мекемесинин врачы-табылган патология боюнча адис кирет;

- ЖАТнун N 25 мекемесине караштуу АВК, анын курамына мекеменин медициналык-санитардык бөлүгүнүн жетекчиси жана врачы, жарандык дарылоо мекемесинин врачы-табылган патология боюнча адис кирет;

- курамына ЖАТтын мамлекеттик органынын медициналык кызматынын кызматкерлери жана саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлү кирген ЖАТтын мамлекеттик органынын атайын медициналык комиссиясы (мындан ары - АМК) ЖАТтын мекемелериндеги жаза өтөөгө тоскоол болгон оор түрдөгү оорулардан жабыркаган соттолгон бейтаптардын № 47 мекеменин алдындагы борбордук ооруканада, № 31 адистештирилген дарылоо мекемесинде, ошондой эле № 2 ЖАТ мекемесинде медициналык күбөлөндүрүүсүн ишке ашырат.

- *(алтынчы абзац КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 23-ноябрындагы № 615 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

- *(жетинчи абзац КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 23-ноябрындагы № 615 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

*(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 23-ноябрындагы № 615 токтомунун редакциясына ылайык)*

3. Комиссиялардын курамдарынын мүчөлөрү ЖАТнун мамлекеттик органынын чечими менен бекилишет.

4. Оор ооруга чалдыккан соттолгон адамды дарылаган врач оорунун диагнозун аныктайт, дарт баянын жүргүзөт жана тиешелүү дарылоо курсун жүргүзөт. Дайындалган дарылоо курсу натыйжасыз болсо же соттолгон оорулуу адамдын абалы төмөндөп кетсе, бир күндүн ичинде тиешелүү медициналык документтерди соттолгон адам жаза өтөгөн жайдын АВЭЭК/АВКнын кароосуна жөнөтөт.

5. АВЭЭК/АВК зарыл учурда жарандык саламаттык сактоонун тиешелүү адистерин чакыруу менен соттолгон адамдын клиникалык акыркы диагнозун аныктайт.

Ушул Тартиптин 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн оору табылса, эки күндүн ичинде Тартиптин 4-тиркемесинде көрсөтүлгөн материалдарды АМКнын кароосуна жөнөтүшөт.

6. АМКнын кароосуна сунушталган соттолгондордун эсебин оорусу боюнча жаза өтөөдөн бошотууга сунушталган соттолгондорду каттоо журналында (ушул Тартиптин 2-тиркемеси) ЖАТнун мамлекеттик органынын медициналык кызматы жүргүзөт.

7. АМК беш күндүн ичинде соттолгондорду медициналык күбөлөндүрүү иштерин жүргүзөт. Ушул Тартиптин 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн оорулар такталса, соттолгон адамды жиберген ЖАТнун мекемесине өзүнүн бүтүмүн (ушул Тартиптин 3-тиркемеси) жөнөтөт.

8. ЖАТнун мекемелеринин жетекчилери АМКнын бүтүмүн алгандан кийин үч күндүн ичинде бекитилген тартипте сотко төмөнкү материалдарды жиберет:

- АМКнын бүтүмү;

- соттолгон адамдын өздүк иши;

- соттолгон адамдын дарт баяны.

9. Соттолгон адам жаза өтөгөн мезгилде өзүнө атайылап зыян келтиргендигинен ооруга чалдыкканы же жаза өтөгөн мезгилде дарылануудан өз ыктыяры менен баш тартканы кызматтык текшерүүдө аныкталган учурда, ал адам өзүнө зыян келтирген убакта психикасынын бузулганын врач-адистер ырастаган учурдан тышкары, жаза өтөөдөн оорусу боюнча бошотууга сунушталбайт.

10. Соттолгондорду оорусу боюнча жаза өтөөдөн бошотууну сунуштоонун мыйзамдуу болгонун көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

11. АМК кароосуна сунушталган оорулуу соттолгондорду текшерүүдө атайын адистердин кеңеши жана жардамы жарандык саламаттык сактоо органдары тарабынан ЖАТнун мекемесинин жетекчисинин арызынын негизинде акысыз берилет. Психика жактан патологиясы бар соттолгондорду жарандык саламаттык сактоо органдарынын адистери текшерип, кеңеш бергенде, милдеттүү тартипте соттолгонду психиатриялык күбөлөндүрүүчү бүтүм толтурулат.

12. Соттолгондорду туура эмес күбөлөндүргөнү жана туура эмес бүтүм чыгаргандыгы үчүн АВЭЭК/АВК/АМКнын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

**Соттолгондорду жаза өтөөдөн бошотууну сунуш кылууга негиз болгон оорулардын**
**ТИЗМЕСИ**

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 19-октябрындагы № 488 токтомунун редакциясына ылайык)*

Соттолгондорду жаза өтөөдөн бошотууну сунуш кылууга негиз болгон оор оорулардын тизмесине төмөнкүлөр кирет:

1) кургак учуктун төмөнкү түрлөрү жана формалары:

- ички органдардын амилоидозу менен оордошкон омурткалардын, жоон сөөктөрдүн жана муундардын кургак учугу, заара чыгаруучу жолдордун мүнөздүү процесстери жана терминалдык стадиядагы бөйрөктүн өнөкөт жетишсиздиги менен оордошкон, эмгекке жарамдуулугун толук жана туруктуу жоготуу менен коштолгон бөйрөктүн эки тараптуу көңдөйлүү кургак учугу;

- дарылоонун начар жыйынтыгы менен көп жана кеңири тараган дарыга туруктуу жана III даражадагы өпкө-жүрөктүн кемчилдиги менен коштолгон кургак учук.

2) шишиктердин төмөнкү түрлөрү:

- Tumor Nodus Metastasis эл аралык классификациясы боюнча 4-клиникалык топтогу бардык залалдуу шишиктердин IV стадиясы.

Клиникалык диагноз гистологиялык же цитологиялык изилдөө менен ырасталат; биопсия алуу мүмкүндүгү болбогон учурда клиникалык-лабораториялык изилдөөлөр жүргүзүлөт жана саламаттык сактоо системасынын уюмунун адисинин кеңеши алынат;

- лимфопролиферативдүү оорулар (күчөп кеткен стадиялары);

- миелопролиферативдүү оорулар (күчөп кеткен стадиялары);

- курч лейкоз (бардык формалары);

- оор жана өтө оор даражадагы апластикалык аз кандуулук;

- IV даражадагы оордошкон, сөөк-муун системасынын айкын жабыркашы менен коштолгон оор даражадагы гемофилия.

Клиникалык диагноз миелограмманын, трепанобиопсиянын жана иммунофенотиптөөнүн маалыматтары боюнча саламаттык сактоо уюмунун гематологунун корутундусунун негизинде ырасталат;

- дарылоодон натыйжа болбогон учурда кыймыл, сезүү жана вегетативдик-трофикалык функцияларынын бузулушу көрүнүп турган, тез

өсүп бараткан көздүн жана анын кошумча аппаратынын, мээнин, жүлүндүн, баш сөөк-мээ нервдеринин залалдуу шишиги;

3) эндокриндик системанын ооруларынын төмөнкү түрлөрү:

- органдардын жабыркашына таасир берген 1 жана 2-типтеги кант диабети (бөйрөктүн өнөкөт жетишсиздигинин терминилдык стадиясындагы макроангиопатия, ретинопатия, полинейропатия, нефроангиосклероз, IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги менен, жүрөктүн ишемиялык ооруларынын оор формалары (IV функционалдык класстагы стенокардия, IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги, Fontain классификациясы боюнча IV стадиядагы же А.В.Покровскийдин классификациясы боюнча IV стадиядагы буттун артериясынын ичкериши);

- кескин оордошкон Иценко-Кушинг синдрому: жиликтердин же омуртканын патологиялык сынышы; булчуңдардын атрофиясы; IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги менен кардиомиопатия; эки же андан көп бут-колдун кыймылынын туруктуу жана тереӊ бузулуусу менен коштолгон мээдеги кан айлануунун бузулушу;

- кахексия стадиясындагы гипофизардык жетишсиздик (Симмондс оорусу);

- IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги менен, тиретоксиялык жүрөк менен оордошкон диффузиялык уулуу богок (оор өткөн түрү);

4) оорулууга өзүнүн кыймыл-аракеттеринин анык мүнөзүн жана коомдук коркунучун сезүүгө же аларды башкарууга мүмкүндүк бербеген, туруктуу оор же улам күчөп туруучу ооруксунткан көрүнүштөр менен коштолгон (өнөкөт психоз жана кем акылдык) өнөкөт жана создуккан психикалык бузулуулар;

5) нерв системасынын жана сезүү органдарынын ооруларынын төмөнкү түрлөрү:

- мээнин инсульту жана инфаркты, мээнин очогунун жабыркашы туруктуу ачык байкалган цереброваскулярдык оорулар (геми-, параплегиялар; тереӊ геми-, парапарездер; мейкиндикте жана убакытта багыттын бузулушу, акинеттик-ригиддик синдром);

- функциянын туруктуу бузулушу менен коштолгон жүлүндүн инфаркты (сезгичтиктин кеӊири жайылган бузулуулары, жамбаш органдарынын функцияларынын бузулуулары менен коштолгон шал оорусу);

- аныкталган диагноздо алгачкы (жаракатсыз) субарахноидалдык жана мээ ичине кан куюлуулар;

- кыймылдын кыйла билинген жана кескин көрүнгөн бузулуулары менен коштолгон баш сөөк-мээ жаракаттары;

- кыймылдын кыйла билинген жана кескин көрүнгөн бузулуулары менен коштолгон жүлүндүн жаракаттары;

- четки нерв системасынын (кыймылдын кыйла билинген жана кескин көрүнгөн бузулуулары менен коштолгон ийин чатышынын, бел-куймулчак чатышынын, жамбаш сөөк нервинин) жаракаттары;

- кыймыл-аракеттин одоно бузулуусу менен коштолгон мээнин спастикалык шал оорусу;

- функциянын терең туруктуу бузулушу болгон мээнин жана жүлүндүн органикалык жабыркашы жана процесстин ылдамдашы менен коштолгон борбордук нерв системасынын инфекциялык демиелинизациялоочу оорулары (оор шал оорулары, кеңири тараган сезгичтиктин бузулушу, жамбаш органдарынын функцияларынын бузулушу, трофикалык бузулуу менен коштолгон терең кесип алуулар; ачык байкалган акинеттик-ригиддик синдром);

- оордуктун II-III даражадагы түрдүү клиникалык типтеринин күчөп бараткан булчуң дистрофиялары;

- энцефалит, миелит жана энцефаломиелит;

- мээнин жана омуртканын ички абсцесси жана гранулема;

- нейросифилис;

- энөө склероз;

- диффуздук склероз;

- сиригобульбия;

- гепатоцеребралдык дистрофия (гепатолентикулярдык дегенерация; Вильсон-Коновалов оорусу);

- амиотрофикалык каптал склерозу;

- миастения;

- тез-тез кармаган тонико-клиникалык талма, талма абалы, экинчи ирет кармаган оорлошкон парциалдык талма;

- эки көздүн азиздиги;

6) кан айлануу органдарынын ооруларынын төмөнкү түрлөрү жана формалары:

- IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги менен жүрөк оорулары;

- ички органдардын органикалык өзгөрүүлөрү менен коштолгон хирургиялык дарылоого болбой турган конструктивдик жүрөк кабынын сезгениши;

- кардиомегалия жана IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги бар жүрөктүн кийин пайда болгон же тубаса кемтиги;

- Ill-IV функционалдык класстардагы жүрөк кемчилдиги менен кардиомиопатия (реструктивдик, дилятациялык, гипертрофиялык кептелме);

- жүрөктүн ыргагынын жана өткөргүчтүгүнүн бузулушунун жашоого коркунуч туудурган формалары;

- жүрөктүн өнөкөт коронардык оорусу: IV функционалдык класстагы туруктуу жүрөк мыкчылуусу, инфарктан кийинки атерсклеротикалык кардиосклероз, анын ичинде өнөкөт аневризма, III-IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги, ыргагынын жана өткөргүчтүгүнүн бузулушунун жашоого коркунуч туудурган формасы менен коштолгон коронардык ангиопластика жана коронардык туташтыруу;

- курч коронардык синдром, туруксуз стенокардия, Принцметал стенокардиясы, Q-толкунсуз жана Q-толкундуу миокард инфаркты (абал жакшыргандан кийин карап текшерип көрүү);

- бута органдарынын жабыркоо белгилери менен III даражадагы гипертониялык оорулар: жүрөктүн - III-IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги менен сол карынчасынын гипертрофиясы; бөйрөктүн - өнөкөт бөйрөк кемчилдигинин терминалдык стадиясы; мээнин - инсульту;

- негизги кан тамырлардын жабыркашы менен коштолгон тамырлардын оорусу (гангреналык-некротика стадиясындагы экиден кем эмес кол-бут учтары);

- кан тамыр хирургунун кеңешинен кийин бүтөлгөн эндартерииттин оорлошкон формасы (Fontain классификациясы боюнча III-IV стадиядагы же А.В.Покровскийдин классификациясы боюнча III-IV стадиядагы);

- кан тамыр хирургунун кеңешинен кийин бүтөлгөн атеросклероздун оорлошкон формасы (Fontain классификациясы боюнча III-IV стадиядагы же А.В.Покровскийдин классификациясы боюнча III-IV стадиядагы);

- Рейно оорусунун (синдрому) оор жана күчөгөн формалары (кол-бут гангренасы);

- жайылган сепсис менен оордошкон, күпчөк стадиясындагы эки буттун лимфостазасы;

7) дем алуу органдарынын ооруларынын төмөнкү түрлөрү жана формалары:

- IV стадиядагы өпкөнүн өнөкөт кептелме дарты (диффуздук пневмосклероз, өпкөнүн эмфиземасы менен коштолгон өпкөнүн өнөкөт кептелме дарты), анын ичинде декомпенсация стадиясындагы өнөкөт өпкөлүк жүрөк, III даражадагы дем алуу кемчилдиги, IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги менен;

- дарылоого рефрактердүү оор колко муунтмасы;

- колконун кеңейген дарты (оор формалары - жылына 5тен ашык кабылдап туруусу, суткасына күнүмкү какырык 200 мл ашык бөлүнүп чыгуусу, оорлошкон формалары - III даражадагы дем алуу кемчилдиги менен коштолгон пневмофиброз жана компенсацияланган өпкөлүк жүрөк);

- өпкөнүн абсцесси (хирургиялык дарылоодон кийинки күбөлөндүрүү);

- өпкө кабынын эмпиемасы (хирургиялык дарылоодон кийинки күбөлөндүрүү);

- III даражадагы дем алуу кемчилдиги жана компенсацияланган стадиядагы өпкөлүк жүрөк (IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги) менен оорлошкон түрдүү этиологиядагы пневмокониоз;

- III даражадагы дем алуу кемчилдиги менен коштолгон идиопатикалык фиброздоочу альвеолит;

- саркодиоз: күчөп кеткен учурда терапияга рефрактердүү оор өтүшү өпкө жагынан - III даражадагы дем алуу кемчилдиги менен өпкөнүн кайталанбас фиброзу; жүрөк жагынан - жүрөктүн ыргагынын жана өткөргүчтүгүнүн бузулушунун жашоого коркунуч туудурган формалары, IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги менен өпкөлүк жүрөк; бөйрөк жагынан - өнөкөт бөйрөк кемчилдигинин терминалдык стадиясы; функционалдык жөндөмдөрдүн олуттуу жана анык бузулушу менен коштолгон башка органдардын жана системалардын катуу жабыркашы (нерв системасы, тамак сиңирүү системасы, көрүү органдары, сөөк-муун системасы, лимфа түйүндөрү);

- III даражадагы дем алуу кемчилдиги менен коштолгон алгачкы эмфизема;

8) тамак сиңирүү органдарынын ооруларынын төмөнкү түрлөрү:

- кахексия стадиясындагы сиңирүүнүн (мальабсорбция синдрому) анык бузулуу синдрому менен ичеги, уйку безинин жана ашказан оорулары;

- гиперспленизм, порталдуу гипертензия, III-IV даражадагы боор клеткаларынын кемчилдиги менен коштолгон декомпенсация стадиясындагы ("Чайлд-пью" боюнча оорлошуу классы) түрдүү этиологиядагы боордун циррозу;

9) терминалдык стадиядагы өнөкөт бөйрөк кемчилдиги менен бөйрөк оорулары;

10) туруктуу түрдө жайылган процесс жана терминалдык стадиядагы өнөкөт бөйрөк кемчилдиги менен же III стадиядагы кан айлануу кемчилдиги, же борбордук нерв системасынын туруктуу ачык жабыркашы (геми-, параплегиялар; геми-, парапарездер), же дисфагия, дизартрия менен туурасынан кеткен булчуңдардын жалпы жабыркашы менен коштолгон учурдагы сөөк-булчуң системасынын жана туташтыруучу ткандын ооруларынын төмөнкү түрлөрү:

- IV функционалдык класстагы муун кызыл жүгүрүгү;

- геморрагиялык васкулит: бөйрөктүн жабыркашы - өнөкөт бөйрөк кемчилдигинин терминалдык стадиясы;

- IV функционалдык класстагы сенектентүүчү спондилоартрит (Бехтерев оорусу);

- системалуу канчоо: бөйрөктүн жабыркашы - өнөкөт бөйрөк кемчилдигинин терминалдык стадиясы, борбордук нерв системасынын жабыркашы - ишемиялык инсульт (күчөгөн стадиясы), геморрагиялык инсульт (күчөгөн стадиясы), психомотордук бузулуу; туурасынан кеткен миелит; өпкөнүн жабыркашы - III даражадагы өпкө кемчилдиги; оор гемотологиялык бузулуулар. Катастрофиялык антифосфолипиддик синдром менен системалуу канчоо;

- дерматомиозит: дисфагия, дизартрия жана активдүү дарылоонун фонунда өзүн-өзү тейлөөнү жоготуу менен коштолгон туурасынан кеткен булчуңдардын жалпы жабыркашы; өпкөнүн жабыркашы - III даражадагы өпкө кемчилдиги;

- түйүндүү периартериит: бөйрөктүн жабыркашы - өнөкөт бөйрөк кемчилдигинин терминалдык стадиясы;

- системалуу склеродермия: өпкөнүн жабыркашы - III даражадагы өпкө кемчилдиги; бөйрөктүн жабыркашы - өнөкөт бөйрөк кемчилдигинин терминалдык стадиясы; жүрөктүн жабыркашы - IV функционалдык класстагы жүрөк кемчилдиги, ыргактын оордошкон бузулуусу;

11) подагра: IV функционалдык класстагы тофус формасы, бөйрөк жабыркаган учурда - өнөкөт бөйрөк жетишсиздигинин терминалдык стадиясы;

12) анатомиялык дефект: колдун же буттун жогорку ампутациясы, ошондой эле бир колдун жана бир буттун жогорку ампутацияларынын айкалышы (аталган жаза өтөө мезгилиндеги оорудан же жаракаттын натыйжасында)

Тиркеме

| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы | Медициналык документтер. N 035-1/У-И формасы |
|---|---|

**Оорусу боюнча жаза өтөөдөн бошотууга сунушталган соттолгондорду каттоо**
**ЖУРНАЛЫ**

| N | Аты-жөнү туулган жылы | Оорулуунун жиберген мекеме, диагнозу | Оорукана га жибеилген күнү | Ооруканага жаткырылган күнү | Атайы медициналык комиссиянын кароосуна жиберилген күнү | Бүтүм чыгарылган күн | Материалдарды сотко жиберген күн | Соттун жыйыны болгон күн, чечим |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |

Тиркеме

| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы | Медициналык документтер. N 035-1/У-И формасы |
|---|---|

**Атайы медициналык комиссиянын соттолгонду медициналык күбөлөндүрүү жөнүндө**
**БҮТҮМҮ**

Аты-жөнү_________________________________________

Туулган жылы жана жери____________________________________________

Качан, ким тарабынан соттолгон____________________________________________

ЖК беренеси _________________ Жаза мөөнөтү_______________________

Мөөнөтүнүн башталышы________ Мөөнөтүнүн аякташы________ Өздүк делосу___________

Даттануусу: _________________________________________________________

__________________________________________________________________

Анамнез (мурда ооруган оорулар, жаракат алганы жана операциялар, негизги оорусунун башталышы жана агымы, негизги оорусу боюнча кайда, канча мезгил дарыланды, дарылоо)______________

__________________________________________________________________

Объективдүү текшерүүлөр (бою, салмагы, органдарын жана системаларынын рентген аркылуу жана лабораториялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы) ________

__________________________________________________________________

__________________________________________________________________

Акыркы диагноз:__________________________________________

__________________________________________________________________

__________________________________________________________________

Соттолгон ________________________________________________________ (аты-жөнү)

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "____" ____ 20__-жылдын N __ токтому менен бекитилген Соттолгонду жаза өтөөдөн бошотууну сунуш кылуу үчүн негиз болгон оорулардын тизмесинин ___ пунктуна ылайык жаза өтөөдөн бошотууга сунуш кылса болот.

(фамилия, инициалы)

отбывания наказания.

Комиссиянын төрагасы: ____________________________________________

Комиссиянын мүчөлөрү:___________________________________________________

М.О.

Тиркеме

**Атайы медициналык комиссиянын кароосуна берилүүчү зарыл болгон медициналык документтердин ТИЗМЕСИ**

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 19-октябрындагы № 488 токтомунун редакциясына ылайык)*

1. Оорулуунун амбулатордук картасы жана лабораториялык инструменталдык изилдөөсү менен дарт баяны.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин адисинин кеңеши.

3. Атайы врачтык-эмгектик эксперттик комиссиянын, атайы врачтык комиссиянын бүтүмү, ал эми соттолгондо психикалык бузулуулардын белгилери аныкталган учурда - соттук-психиатриялык эксперттик комиссиянын бүтүмү.

***ПРОЦЕССТИК ДОКУМЕНТТЕРДИН ҮЛГҮЛӨРҮ***

**Чүй областтык сотунун**
**жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясына**

## А П Е Л Л Я Ц И Я Л Ы К    С У Н У Ш

*Чүй областынын Аламүдүн районундук сотунун Т.И.Авазовду шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү 2019-жылдын 21-ноябрындагы аныктамасына*

.

Аламүдүн районундук сотунун 2019-жылдын 21-ноябрындагы аныктамасы менен 1983-жылы туулган, Чүй областынын Москва райондук сотунун 20.11.2016-жылдагы өкүмү менен Кыргыз Республикасынын ЖКнин 202-бер. 2-бөл. 2-п. боюнча 5 жыл 6 айга эркинен ажыратууга соттолгон Авазов Т.И. жазаны өтөөдөн шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотулуп, ага карата сыноо мөөнөтүндө жашаган жери боюнча пробациалык орган тарабынан жүргүзүлүүчү пробациялык көзөмөл белгиленген.

(судья Айбатиев М.)

Жогоруда белгиленген токтом негизсиз жана мыйзамсыз болгондуктан, төмөндөгү негиздер менен жокко чыгарылууга жатат.

Москва райондук сотунун 20.11.2016-жылдагы өкүмү менен Т.Авазов Кыргыз Республикасынын ЖКнин 202-бер. 2-бөл. 2-п. каралган адамдар тобу тарабынан өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирген зомбулукту колдонуу менен жасалган кылмышты жасаган.

Өкүмдүн резолюциялык бөлүгүндө жабырлануучу А.Момунованын пайдасына Т.Авазов менен А.Исмаиловдун биргелешип 200 миң сом өлчөмүндө келтирилген зыяндын ордун толтурушкандыгы, анын ичинен 51 миң сом соттук кароодо Т.Авазов тарабынан өндүрүлгөндүгү белгиленген.

Кыргыз Республикасынын ЖКнин 88-бер. 2-бөл. 2-п. ылайык шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу кылмыш аркылуу келтирилген зыяндын жарымынан кем эмесинин ордун толтурганга колдонулат.

Бирок, сот соттолгон Т.Авазов тарабынан келтирилген зыяндын өзүнө тиешелүү бөлүгүнүн жарымы өндүрүлгөндүгүнө таянуу менен шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим чыгарган.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын ЖКнин 88-бер. 4-бөл. 2-п. ылайык жазаны өтөөдөн шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу оор же өзгөчө оор кылмышты жасагандыгы үчүн дайындалган жазанын кеминде төрттөн үч мөөнөтүн өтөгөндө колдонулат, ал эми соттун чечими чыккан күнгө карата бул мөөнөт аткарылган эмес.

Жогоруда айтылгандардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 33, 390, 394, 429-беренелерин жетекчиликке алуу менен,

**С У Р А Й М Ы Н:**

1. Аламүдүн районундук сотунун 2019-жылдын 21-ноябрындагы аныктамасын негизсиз жана мыйзамсыз болгондуктан жокко чыгарууну.
2. №27 мекеминин администрациясынын Т.Авазовду шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу сунушун канаттандыруудан баш тартуу жөнүндө аныктама чыгарууну.
3. Прокурордун сунушун толугу менен канаттандырууну.

*Аламедин районунун*
*прокурорунун жардамчысы* *Абылгазиев А.*